3 «Туристтер Кыргызстанды мактап бармак беле?»




7 «Бирөөлөрдүн илинчегинде илинип турушат»




# САРЕСЕП

saresep.kg

4-август, 2016-жыл
№30 (63)
Калыс көз караш!

## Баш мыйзам өзгөрөбү?

7-бетте



Кыргызга балээ капыстан келет

6-бетте



М.Туташев: Чемпион болгонго аракет кылабыз

9-бетте



Түрк коому үч жумадан кийин: Төңкөрүш ишке ашты

10-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсонуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына 29 мамлекет катышарын тастыктады

Бир жуманын ичинде II ДКОго (Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына) катышууга дагы 9 мамлекет билдирүү берди. Алар: Италия, Латвия, Литва, Нидерланды, Польша, Украина, Шри-Ланка, Индия жана Эстония. Ушул жылдын 3-августуна карата Көчмөндөр оюндарына катышарын Азербайжан, Аргентина, Армения, Бразилия, Венгрия, Гватемала, Израиль, Индия, Индонезия, Италия, Казахстан, Кытай, Колумбия, Латвия, Литва, Монголия, Нидерланды, Пакистан, Перу, Польша, Орусия, (Башкортостан, Карачаево-Черкессия, Свердлов облусу, Челябинск облусу), Словакия, АКШ, Тажикстан, Түркмөнстан, Украина, Шри-Ланка, Эквадор жана Эстония тастыкташты. Учурда чет мамлекеттерден ДКО-2016-га катышуу тууралуу табыштамаларды кабыл алуу уланууда. Маалымат катары: Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү тууралуу жобого ылайык, спорттук мелдештерге катыша турган мамлекеттер акыркы табыштамаларын ушул жылдын 7-августуна чейин жөнөтүшү керек. II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары ушул жылдын 3-8-сентябрында Ысык-Көлдө өтөт. Мелдештердин программасында спорттун 23 түрү бар. Анын ичинде ат чабыш жана ат оюндары боюнча мелдештер, күрөш, жаачылардын салттуу жаа атуу мелдештери, мергенчиликтин



улуттук өзгөчөлүктөрү боюнча спорттук мелдештер жана салттуу интеллектуалдык оюндар бар.

# Матрезерв буудай сатып ала баштайт

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан үстүбүздөгү жылдын 10-августунан тарта атамекендик айыл чарба өндүрүмдөрдү өндүрүүчүлөрдөн азык-түлүк, буудай данын сатып алуу иши башталат.

Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги тарабынан бекитилген квотага жана Антимонополдук жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги бекиткен баага ылайык, 23 пайыздан кем эмес клейковинаны (буудайдын составындагы белоктук зат) камтыган, үчүнчү класстын талабына жооп берген 2016-жылдын буудай данын сатып алуу башталмакчы.

Республиканын бардык аймактарында дан даярдоочу такай иштеген пункттар иш алып барат. Нарын облусунун Нарын шаарында жана Ысык-Көл облусунун Каракол шаарында буудай данын даярдоо үчүн убактылуу пункттар уюштурулган, кийинчирээк чогултулган дан Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун аймактык ишканаларынын жоопкер жактары аркылуу өз алдынча ташылып кетет.



Бүгүнкү күнгө карата бардык дан кабыл алуу пункттары буудай кабыл алууга даяр.

# Жаш куткаруучулар

1-август күнү биздин жаш куткаруучуларыбыз Орусия федерациясынын Ленинград облусунда болуп өткөн "Коопсуз мектеп" деп аталган жаш куткаруучулардын III эл аралык мелдешине катышышып, бешинчи орунду багындырып келишти.

Тогуз күнгө созулган бул мелдеште Кыргызстан, Орусия, Болгария, Сербия, Польша, Казакстан, Белоруссия, Азербайжан өндүү мамлекеттердин окуучулары жана Латвия, Эстония мамлекеттеринин өкүлдөрү катышып, ал жерде ар кандай мелдештин түрлөрү болуп, биздин жаш куткаруучулар ар бир мелдеште өздөрүн мыкты деңгээлде көрсөтө алышкан. Андан сырткары, Санкт-Петербург шаары менен Ленинград облусунун командалары конкурстан сырткары катышышкан.

Жалпы жыйынтык боюнча Орусиянын командасы 1-орунду, Беларусиянын командасы 2-орунду, Азербайжандын командасы 3-орунду, Казакстандын командасы 4-орунду, Кыргызстандын командасы 5-орунду, Сербия алтынчы, Польша жетинчи, Болгария болсо сегизинчи орунду алды. Ал эми маданий конкурстардан жалпы эсеп менен Кыр-



гызстан үчүнчү, Болгария экинчи, Польша биринчи орунду багынткан.

# Доорон Маметов коло медалга ээ болду

2016-жылдын 23-июлунан 1-августка чейин Грузиянын Тбилиси шаарында 48-International Chemistry Olympiad (IchO – 2016) химия предмети боюнча Эл аралык олимпиада болуп өттү. Олимпиадага дүйнөнүн 80 өлкөсүнөн 320 окуучу катышты. Кыргызстандан барган команданы "Себат" эл аралык билим берүү мекемесинин 4 окуучусу: Маметов Доорон, Автандил Саиддин, Абдыкерим уулу Эржигит жана Озбеков Азизбек түздү. Андан мурда Таластагы "Манас Ата – Себат" лицейинин окуучусу Мэлисов Даян жана Токмоктогу "Ж. Баласагын" атындагы лицейдин окуучусу Бекташев Ислам да коло медалга татыктуу болушкан. Бул эл аралык химия предмети боюнча олимпиада (International Chemistry Olympiad) 1968-жылдан баштап жыл сайын өткөрүлүп келет. Катышуучу өлкө 4 окуучудан турган командасы жана 2 жетекчиси менен катышууга укуктуу. Бул олимпиада түрдүү мамлекеттердин окуучуларынын арасында химия предметин билүү жана




анын ыкмаларын колдонуу жөндөмдөрүн аныктоо боюнча өткөрүлүп келет.

БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Ортомчусуз шайланган ортомчулардын унчукпаганын укпаса жакшы болмок

Кыргызстандын эксперттик топтору акмак да, жалкоо да, сатылган да эмес. Учурда иштеп жаткан Конституциябызды жакшы билишет. Аны атайын жерге-сууга тийгизбей мактаган эч ким жок. Ошол эле учурда Баш мыйзамга өзгөртүү киргизем дегендерге берип жаткан суроолору да жүйөөлүү. Конституция өзгөртүлсүн деген кайрылуулар кимден келген? Заман алдыга кетип калды деген шылтоо айтылыптыр, анда биздин Баш мыйзамга дайыма өзгөртүү киргизе беребизби? Долбоорду кайсыл эксперттерге жаздырды? Алардын конституциялык укуктан кабары барбы? Эмне үчүн, «шашылыш кабыл алынган Конституцияда көп кемчиликтер бар» деген шылтоону айтып долбоор даярдаткандар, аны талкуулаганга жай саратанынын 30 күнүн эле бөлүшкөн???

Бул суроолордун төркүнү 2020-жылга чейин өзгөртпөйбүз деген убадага барып такалат. Серепчилердин пикирине карап, маселе өзгөртүү киргизип же киргизбегенде эмес экенин түшүнөсүң. Маселе мыйзамды, айрыкча, бардыгынын пайдубалы болгон Баш мыйзамды сыйлоодо болуп турганын баамдаса болот. Орусияда Владимир Путин эки мөөнөт президент болуп, бир мөөнөт премьер болуп, кайра президенттикке өткөндө Орусиянын Баш мыйзамына өзгөртүү киргизбей эле башкарганын билебиз. Муну толук кайталачу үлгү катары көрбөсөк да башкаруудагы инсандарга да көп нерсе байланыштуу экенин айта алабыз. Алардын кээ биринин ынтымак үчүн амбицияларын ооздуктаганы туура нерсе. Тирешем десе эң идеалдуу Конституциядан да кынтык тапса болот. Же биздикилерче референдумга да жол чаап чыкканга болот эле...

Ажобуздун мамлекетке, элибизге жакшылык каалап атканында шек жок. Чолпон-Атадагы пресс-жыйында суроого жооп катары: «Бийликте калууну кааласам, башкача референдум өткөзмөкмүн», – дегенинде жүйөө бар. 2010-жылдан берки саясий туруктуулукту камсыздап келгенин да эч ким танбайт. Элдин көбү жана бийликтегилер аны сыйлаганы шексиз. Бийликтегилер бул долборго каалаган майда-барат нерселерди кошо киргизе калганы үчүн унчукпайт. Бул унчукпагандык азырынча элдин унчукпоосу менен эксперттик коомчулуктун кыйкырганын басып келе жатат...

Эл Баш мыйзамды өзгөртүү боюнча долбоорду карап чыга албайт, бирок убадага так болуу жана мыйзамды сыйлоо зарыл экенин сезет. Эксперттик коомчулук Ажобуздан калчу мурастардын арасынан эң жакшылары – берилген убадага так болуу жана татыктуу сыйланган Баш мыйзам экенин Ажонун өзүнө айтканын токтотпойт. Алар да мамлекети менен элине күйүшөт. Бул сезимдери элдин жана Ажобуздун тилеги менен үндөшөт. Дал ушул сезимдер эч нерсени көзүнө илбей бийлик талашчу акмактардан 2020-жылга чейин элибизди жана мамлекетибизди сактап калганга жетиштүү деп ойлойт.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 45 48 68, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6000**
**Буйрутма № 1735**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Мекенине инвестиция салган мигранттар көбөйдү



**Ош шаарында эл аралык "Мекендештер" форуму өттү. Дүйнөнүн 40тан ашуун өлкөсүнөн 200дөн ашуун кыргыз мигранттары катышкан форум эки күнгө созулду. Өлкө бийлиги болсо ийгиликке жеткен кыргызстандыктарды интеллектуалдык, каржылык потенциалын өз Ата-Мекенине жумшоого чакырып жатат. Иш-чаранын уюштуруучусу "Роза Отунбаеванын демилгеси" фондунун жетекчиси Догдургүл Кендирбаевага Форум буга чейин эки жолу болуп өткөн. Андан натыйжа барбы? Форумдун максаты кандай? деген суроо узатып, төмөндөгүдөй жооп алдык.**

Биз 10–20 жыл мурун чет өлкөгө кетип, ал жерге отурукташып, бутуна туруп кеткен мекендештерибизди өз ата журтунун өнүгүүсүнө кандай пайда тийгизе алат деген суроолордун үстүндө иштеп келебиз. Биринчи, экинчи форумга катышкандар азыр мамлекеттик кызматтарга келип, өлкөмө кызмат кылайын деген фактор жана тажрыйбалар бар. Белгилей кетүүчү жагдай, форум өтөрү менен инвесторлор толуп, акча агылып келет деп ойлобош керек. Бул акырындык менен ишке аша турган, убакытты, шарттарды талап кылган иш. Биз чет өлкөдө жашаган мигранттарыбыздын мүмкүнчүлүктөрү менен мамлекеттин сунуштарынын да келишүүсү үчүн баарлашуу аянтчасына чогулуп олтурабыз. Кезектеги форумдан соң көптөгөн сунуштар жана кызыгуулар пайда болду. Ири банктар, фонддор келип өз сунуштарын беришүүдө. Жыйынтыгын жакын арада билебиз. "Мекендештердин Кыргызстандын өнүгүшүнө салымы" аттуу эки китепче чыкты. Бүгүн кыргыз диаспоралары жөнүндө китептин бет ачары болуп, форумдун катышуучуларына сунушталды.

Форумду Ошто өткөрүп жатканыбыздын себеби, биринчиден, түштүк жергесиндеги үч облустун өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн сунуштоо. Азыр көпчүлүк инвестиция жана башка иштер Бишкек шаарында болуп жатат. Ошондуктан бул аймактагы катылып жаткан мүмкүнчүлүктөр, өзгөчөлүктөр, аны өнүктүрүүгө карата баарлашуу аянтчасы болсун дедик. Экинчи фактор болсо ички жана тышкы миграция өзгөчө түштүк жергесинде көп байкалат. Ал эми форумдун негизги багыт, мазмундарынын бири – күчтүү аймак – күчтүү өлкө болуп эсептелет.

# Конституцияны өзгөртүү керекпи, жокпу, элден сурайлы



**Бишкектеги Сөз эркиндигин коргоо комитетинде «Конституция. Кайда баратабыз?» деген аталышта талкуу болуп өттү. Жыйында Баш мыйзамды өзгөртүүдөн баш тартуу керек экени айтылып өттү. Мурдагы Адилет министри, коомдук ишмер Марат Кайыпов Баш мыйзамды өзгөрткөн күндө дагы аны сыйлап аткарабызбы, маселе ошондо дейт:**

– Конституция жөнүндө сөз болгондо баарыбыз билебиз, ал Баш мыйзам жөнөкөй мыйзам эмес, коом менен бийликтин ортосундагы тең салмактуулукту сактаган, адам укуктарын коргогон бир чоң документ. Буга чейин биз аны өзгөртө берип, толуктай берип өзүнчө бир кадырлап барктай турган салт пайда болгон. Биз сөзсүз Конституциялык кеңеш түзүү элек. Кеңешмеде олтуруп алып үтүр чекитине чейин түздөп, баарын бүтүрүп алып анан коомчулукка сунуш кылчубуз. Бул жолу биз ошондой кадырлап сыйлаган каада-салтыбыздан качып, бир жерге олтуруп алып, тымызын, жашыруун бүтүрүп, Жогорку Кеңешке киргизгенден кийин гана коомчулукка чыгарып жатабыз. Эгерде ушинтип биз жашыруун, мажбурлап, күчкө салып эле Конституцияны өзгөртүп, толуктай турган болсок, кийин биз Конституцияны сыйлайбызбы, ошону менен жашайбызбы же аткарабызбы? Же болбосо ушундай жол менен келген Конституция көнгөн адат боюнча дагы бир төңкөрүшкө алып келеби? Эгерде өзгөртүүлөр ушул боюнча өтүп кете турган болсо, ошону токтотуп калууга биздин күчүбүз жетеби? Эгер жете турган болсо биз Конституциялык кеңешме түзөлү да, ар бир үтүр чекитине чейин жаңы долбоор иштеп чыгалы. Эгер күчүбүз жетпейт десек, анда талкуулаш керек. Талкуулап, кемчиликтерин ачып көрсөтүп берели. Себеби ал жерде күлкүнү, ыйды келтирген каталар бар. Мен Конституциялык сотто иштегенге чейин жана кийин дагы кичинекей Кыргызстанга Конституциялык соттун кереги жок деп айтып келе жатам. Бирок бир да жерде Конституциялык соттун, палатанын функциясын жок кылып коюш керек деп айткан эмесмин. Эгер биз ушул долбоордун негизинде конституциялык палатанын функциясын чаап сала турган болсок, анда Конституциялык көзөмөл жоопкерчилиги боюнча Жогорку Кеңеш же президент жооп берсин. Эгер өзгөртүү керекпи же жокпу билбей жатсак, анда элден сурайлы.

# Пикетке чыкканы кимдир бирөөлөрдүн тукуруусу



**Укук коргоочу Өндүрүш Токтонасыров Ак үйдүн алдына "Депутаттар ишке чыксын" деген талап менен пикетке чыкты. Токтонасыров дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө парламент депутаттары эки ай бою эс алган тажрыйба жок экенин айтып, биздин депутаттар тез арада жумушка чыгып чечилбей жаткан маселелерди ийне-жибине чейин талкуулап, бүтүм кабыл алууну эл өкүлдөрүнөн талап кылган. Депутаттардын эки ай эс алууга чыкканы көп эмеспи? Укук коргоочунун сөзүнө кошуласызбы деп КСДП партиясынын депутаты Рыскелди Момбековго кайрылып төмөнкү жоопту алдык:**

– Депутаттар 2 айга эс алууга чыкты деп айтып чыккандары өтө кызык экен. Ары жак-бери жагын карап туруп айтса болмок. Депутаттар эч кандай эки айга эс алууга чыккан жок. Эс алуу учурунда депутаттар шайлоочулар менен жолугушууда. Дүйнөдөгү жумушта иштеген бардык адамдардын бир жылда бир ай эс алууга укугу бар. Мисалы, өлкө башчынын да, жөнөкөй жумушчунун да эс алууга укугу бар. Биз дагы ошондой эс алууга чыкканбыз. Мен каникулга тарагандан баштап, азыркы күнгө чейин шайлоочулар менен жолугуп жүрөм. Биздин КСДП партиясынын депутаттарынын көпчүлүгү региондорду кыдырып жолугуп жүрүшөт. Бүгүнкү күндө да фракция лидери Нарын облусунун депутаттары, Нарын облусундагы шайлоочулар менен жолугуп жүрөт. Алгачкылардан болуп фракция лидери Талас облусуна барып, 3 күн бою ар бир райондун шайлоочулары менен жолугушууну өткөрдү. Андан кийин Жалал-Абад, Ысык-Көл облусун аяктап, Нарынга кетишти. Мындайча айтканда, депутаттар шайлоочулар менен жолугушуу үстүндө иш алып барууда. 30 күн шайлоочулар менен жолугушат. 30 күн эс алууга чыгышат. Бизде тартип ушундай. Ар дайым Жогорку Кеңеште отуруп мыйзамды эле карабастан, шайлоочулар менен жолукканга да шартыбыз бар. Жогорку Кеңешке келип алып "Депутаттар чыккыла" дегени туура эмес. Чынын айтыш керек, депутаттарды жулмалап отуруп эч нерсеси деле калган жок. Учурда депутаттардын унаалары, айдоочулары, жардамчылары жок. "Силер эс алып жатасыңар" дегени – көр пенделик. Алар алыска саресеп салып, ойлонуп сүйлөсө болмок да. Булардын пикетке чыгып жатканы кимдир бирөөлөрдүн тукуруусу болсо керек.

Эскерте кетсек, парламенттин VI чакырылышы 30-июнда алгачкы сессиясын расмий түрдө жаап, жайкы эс алууга тараган. Регламент боюнча депутаттар сентябрда ишке чыгышат.

# Запкы жеген туристтер Кыргызстанды мактап бармак беле?



**Акыркы убакта жергиликтүү тургундардын жана тартипти сактоо органдарынын чет өлкөдөн каттаган туристтерге орой мамиле жасаганы тууралуу кабарлар күн демден түшпөй калды. 30-июлда Чолпон-Ата шаарында өзүн "парковщик" деп эсептеген кыргыз өспүрүм баланын жана Орусиядан келген туристтердин ортосундагы чыккан чыр бүгүнкүгө чейин социалдык тармактарда кызуу талкууланып жатат. Туристтерге болгон мындай мамиле алардын агымын кескин азайтат деген божомолдор бар. Туризм департаментинин мурдагы жетекчиси Максат Чакиевге кайрылып, Жергиликтүү элдин жогорудагы жосунсуз жоруктарын кантип чектесе болот? Кандай чараларды колдонсо болот деген суроо узатып мындай жооп алдык.**

– Менин жеке пикиримде, мындай терс көрүнүштөрдү жок кылыш үчүн, биринчи эле кезекте тартип сактоо структураларын толугу менен реформалоо керек. Анткени бүгүнкү күнү милиция кызматкерлери тарабынан келген туристке кылынып жаткан суук мамилелер жаңылык деле болбой калды. Жыл сайын ушундай көрүнүштөр кайталанып, ээнди кейитет. ИИМдин кызматкерлери туристтик операторлордун Кыргызстанга жылдап жасаган рекламасын бир күндө эле текке кетирип, мээнетин талкалап коюшууда. Ал эми жергиликтүү тургундар тарабынан туура, түз мамилелер кылынышы үчүн, улуттук аң-сезимди өзгөртүүчү идеологиялык программалар иштелип чыгып, иш-чаралар аткарылышы керек. Жөн гана болгон окуяны же кылынган кылмышты элге жар салып айтып коюп, карап отуруудан эч майнап чыкпайт. Албетте, запкы жеген туристтер мекенине Кыргызстанды мактап барбайт. Бул өз учурунда Кыргызстанга болгон "антирекламаны" пайда кылат. Мурда "сарафанное радио" деčү элек, азыр анын ордуна интернет, социалдык тармактар деген бар. Ушулар аркылуу эле маалыматты тез таратып коюш оңой. Ансыз деле бир нече факторлор туристтердин келишине бут тосуп турат. 1-Быйыл абырайы жаанчыл болду. Туристтердин 70%ы ага көз каранды. Ошондуктан туристтик сезон өтө кеч башталды. 2-Казакстанда доллардын куну өтө тез жогору өсүп кетти. Бул казак туугандардын капчыгын жукартып койду. 3-Орусияда созулуп жаткан кризистер. Дагы туристтердин каттамын чектеген жагдай – туризм министрлигинин начар иштеши, министрликтин эмес, жетекчилеринин дейинчи. Мына ушул факторлорго, жогорудагы орой мамилелерге карабай, туристтер көлгө каттап жатышат.

# Экономикс

Экономисттер да буга окшош себептен улам «божомол» түшүнүгүн колдонушат. Божомол категориясы ааламдын татаалдыгын жөнөкөйлөтүп, аны түшүнүктүүрөк кылат. Мисалы дүйнө соодасын изилдегенде, ал ар бири экиден гана товар өндүргөн эки мамлекеттен турат деген божомол кылсак болот. Мындай божомол менен биз көңүлүбүздү бир максатка топтоп, керек болгон эсепке анча таасир бербеген факторлордон кутула алабыз



*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Божомолдун мааниси: Аба жок болсо да болот

Сиз физиктен "Пизан мунарасынан илгерки замбиректин огун ыргытса, ал канча убакытта жерге түшөт?", – деп сурасаңыз, окумуштуу октун жерге тийген убагын секундасына чейин эсептеп бере алат. Жада калса октун вакуумда түшүп келген убактысын эсептеп берерин кошумчалайт. Бирок аба жок деген божомол акыйкатка дал келбейт. Аба октун түшүүсүн кандайдыр бир кыска мөөнөткө болсо да жайлатат. Физик буга октун салмагына салыштырганда, анын абаны жиреп келиши көп убакыт албаганын айтат. Замбиректин огунун абасыз шартта түшүп келүү божомолу эсепти бир топ жеңилдетет. Ошол эле убакта эсептин туура болуусуна да көп таасир бербейт.

## Эки мамлекет эки жүздү түшүндүрөт

Экономисттер да буга окшош себептен улам «божомол» түшүнүгүн колдонушат. Божомол категориясы ааламдын татаалдыгын жөнөкөйлөтүп, аны түшүнүктүүрөк кылат. Мисалы, дүйнө соодасын изилдегенде, ал ар бири экиден гана товар өндүргөн эки мамлекеттен турат деген божомол кылсак болот. Дүйнөдө эки жүзгө жакын мамлекет бар. Алардын ар бири миңдеген товар өндүрөт. Бирок экиден товар өндүргөн эки гана мамлекет бар деген божомол менен биз көңүлүбүздү бир максатка топтоп, бул конкреттүү эсепке анча таасир бербеген факторлордон кутула алабыз. Дүйнөлүк сооданы ойдон чыгарылган экиден товары бар эки мамлекети бар дүйнөнү элестетүү менен биз өзүбүз жашап жаткан татаал дүйнөдөгү мамлекеттер аралык мамилелерди жакшырак түшүнөбүз.

## Физик эки сүйлөсө да, баары бир туура

Ал физика, биология же экономикада болсун, аң-сезимдин илимий кыялдануу чеберчилиги божомолду туура пайдалануудан турат. Мисалы ошол эле Пизан мунарасынан замбиректин огу эмес, пляжда ойногон чоң жеңил топту ыргыттык дейли. Ошол эле физигибиз ыргытылган нерсенин салмагы абаны жирегенге көп таасир бербейт деген божомол бул мисалга туура келбейт деп айтат. Анткени аба менен топтун өз ара сүртүлүүсү анын жерге түшүүсүн бир топ жайлатат. Анкени топ окко караганда бир топ чоң жана ал октон бир топ эле жеңил келет. Замбиректин огуна илимде «гравитация» деп аталган тартылуу күчү гана таасир берет деген божомол туура. Бирок ооз менен үйлөтүлгөн жеңил топ үчүн бул божомол туура болбойт.

Инфляция жөнүндө кыска диалог: - Сизе 3 сомдукпу же 1 сомдук пакет берейимби? - 1 сомдук. - 2 сом бериңиз

## Ар кайсы экономист түрдүү жол көрсөтөт

Түрдүү суроолорго жооп издеген экономисттер да ар кандай божомол кылышат. Мисалы, «эгер бийлик айланган акчанын көлөмүн өзгөртсө, ал экономикага кандай таасир берет» деген суроого жооп керек дейли. Анализдин негизги басымы – баалардын өзгөрүүсү. Экономикадагы баалар көп учурда туруктуу келет. Мисалы, АКШда гезит менен журналдардын баасы бир нече жылда бир жолу гана өзгөрөт. Бул байланышты төмөнкү эң жөнөкөй теңдеме менен элестетип көрсөк болот:

$$E=f(SS1, Me, Tp, G, St, R, Gf, P, Ic, y)$$

Анда экономиканын өсүүсү (Е) түрдүү факторлордон калыптанат. Ал факторлор жогорудагы теңдемеде түрдүү символ жана тамгалар менен берилген. Демек, экономиканын өсүүсүнө таасир берүү үчүн саясатчылар ал факторлордун бирине же бир нечесине таасир берүү ыкмаларын ойлоп табуулары керек. Маселе ушул факторлордун кайсынысына көбүрөөк көңүл буруулусу керектигинде жатат. Ал көбүнчөсүн саясатчылардын колундагы ресурстардан эмес, тандалган фактордун экономикага тийгизе алчу күчүнө көз каранды. Экономисттер бир же бир нече факторлордун маанилүүлүгү менен күчүн ар башка баалайт. Алардын ар бири күтүлгөн натыйжага чоң таасир бериши мүмкүн.

## Теңдемелерди кылдат түзүп, колдонобуз

Мисалы, бир экономист эсепке алынган факторлордун маанилүүлүгүн төмөнкүчө баалады дейли:

$$E=f(0{,}5SS1,\ 0{,}03Me,\ 0{,}01Tp,\ 0{,}1G,\ 0{,}1St,\ 0{,}03R,\ 0{,}024Gf,\ 0{,}06P,\ 0{,}08Ic,\ 0{,}11y)$$

Ал боюнча экономикалык өнүгүүгө SS1 эң чоң таасир берет. Тактап айтканда, Солоу-Сван көрсөткүчү –адам/физикалык капитал, калктын санынын өсүүсү. Бул факторго коюлган цифраны карасак, ага экономикалык өнүгүүнүн 50 пайызы байланган. Ушуга таянуу менен саясатчылар аны экономикалык өсүүнүн негизги фактору катары караса болот. Бирок мындай теңдемелерди иштеп чыгууда божомолдор ар түрдүү болушу мүмкүн. Мындай теңдемелерди түзгөндө экономисттер татаал статистикалык жана математикалык ыкмаларды колдонушат. Анын баары теңдемелердин табиятына жана алардын баалуулугуна таасир берет. Ошондуктан мындай теңдемелерди келечекти болжолдоп, саясий чечим чыгаруунун негизи катары колдонууда өтө кылдат болуу керек.

Бир жылда канча пайыз инфляция болгонун Улуттук банктын кызматкерлеринин маянасынын канча пайызга көтөрүлгөнүнөн билсе болот

Инфляциянын акыркы стадиясы: Даарат кагаз сатып алгандан көрө акчаны жакшылап ушалап алсаң пайдалуурак болот

## Түрдүү маалымат менен ыкмалар максатка жараша колдонулат

Элин Мирстин жана Чараламбос Тсангаридес бул факторлорду баалоо ыкмаларын карап чыгып, экономисттердин ойлонуу ыкмалары жана иштөөсүн ачыктаган кызыктуу бүтүмдөргө келишкен. Алар маалыматтарды анализдөөнүн башка ыкмасын колдонушкан. Алардын ыкмасы жогорудагы факторлордун маанилүүлүгү тууралуу салттуу божомолдордун бир нечесине шек туудурган. Алар жогоруда тизмеленген факторлордун баары эле экономикалык өсүү үчүн маанилүү эмес экенин белгилешкен. Алардын кээси таптакыр таасир бербейт дешкен. Алар маанилүүлүгү даана далилденген төрт: баштапкы киреше, инвестициялар, калктын өсүшү жана алардын өмүрүнүн болжолдуу узактыгы факторлорун негизги катары бөлүп чыккан. Андан сырткары «күчтүү» факторлор катары инфляция, карыз жана экономиканын ачыктыгын аташкан.

Бирок изилдөөчүлөр натыйжа колдонулган маалыматтарга жараша болгонун баса белгилешкен. Беш жыл аралыгындагы орточо цифраларды алганда башка, сегиз жыл ичин алганда башка натыйжа алынган. Алар түрдүү математикалык ыкмалар ар башка натыйжа берет деген бүтүмгө келишкен. Ошондуктан, экономикалык өсүүнү ачыктаган факторлорду аныктаган теорияларды караганда бул маалыматтар кээде туура келип, кээде туура эмес болуп калуусу мүмкүн деген жыйынтык чыгарууга болот.

## Физик менен экономисттин илимий ыкмалары окшош

Бул баш оорунун эмне кереги бар деген суроо туулушу мүмкүн. Бирок жогорудагы фактарды билүү түрдүү мөөнөт аралыгында экономикага саясий чечимдердин таасир этүүсүн изилдөөдө түрдүү божомол кылууга мүмкүндүк берет. Кыска мөөнөттүк саясий чечимдер бааларга анча деле таасир бербейт деп боолголосок болот. Биз атайылап, мындай чечимдер бааларга эч таасир бербейт деген радикалдуу гипотезаны да карап көрсөк болот. Бирок баалардын узак мөөнөттөгү өзгөрүүсүн карап туруп, биз баалардын саясий коньюктурага жараша өйдө-ылдый болуу божомолуна жараша анализ кылсак болот. Физик замбиректин огунун же жепжеңил шардын жерге түшүүсүндө ар кандай божомолдорду кылган сыяктуу эле, экономисттер да акчанын көлөмүнүн азайып-көбөйүүсүнүн экономикага кыска же узак мөөнөттө кандай таасир берери тууралуу түрдүү божомолдорду кыла алышат.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Конституцияны өзгөртүү: укук чектөө жана башка коркунучтар

Жогорку Кеңештин сайтында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору талкууга коюлду. Натыйжада, долбоордун эң маанилүү жерлери боюнча жеке пикиримди билдирүүнү туура көрдүм




## Кириш сөз

Биринчиден, Конституцияга 2020-жылга чейин өзгөртүү киргизүүнү талап кылган мараторийди эч ким жокко чыгара элек. Аны аттап өтүү аракети өкүндүрөт. Кагазга жазылып, колдор коюлган убадалар кайра суу кечпей калды. Бул учурдагы келишимдер да кандай олуттуу болбосун бузулат, өзгөртүлгөн Конституция да көпкө узабайт дегендик. Ар бир саясий элитага мыйзамдын улуктугу жана кабыл алынган келишимдердин сакталышы гана кепил боло алат. Аларсыз бир да бийлик туруктуу боло албайт.

Экинчиден, учурдагы Конституция шашылыш кабыл алынгандыктан, анын кемчилиги көп дешет. Бирок азыркы долбоор да шашылыш кабыл алынып жатпайбы. Бул долборду кайсыл юрист жана саясатчылардан турган топ иштеп чыкканы алиге чейин белгисиз. Жай саратанында 30 күн коомчулуктун талкуусуна берилгени да жетиштүү эмес.

## Мазмуну боюнча: «улук баалуулуктар» жөнүндө – 1-берене

Конституция долбоорунун 1-беренесине кирген «улук баалуулуктар» деп аталган нерселер башаламандык жаратып, көптөгөн суроолорго жол ачат:

1) «Мамлекеттин улук баалуулуктары» деген эмне? Аларды бузгандыгы үчүн жаза колдонулабы? Мисалы улук баалуулуктардын бирөөсү «үй-бүлө». Ажырашуу үй-бүлөнү бузат. Бул жакында ажырашууга тыюу салынат дегендик эмеспи?

2) Эмне үчүн улук баалуулуктарды ар кандай жоруганга мүмкүн болгон: «укук жана эркиндиктер», «бактылуулукка умтулуу», «Мекенди сүйүү», «ууларды урматтоо», «аталык», «көз карандысыздык жана мамлекеттик суверинитет», «жагымдуу айлана-чөйрө», «абийирдүүлүк» ж.б.у.с. нерселер кирген.

3) Эмне үчүн ахлактык жана коомдук баалуулуктардын арасынан бирөө аталган, башкалары аталбай калган? Эмне себептен бул тизмеге: «чынчылдык», «сук артпоо», «эмгекчилдик», «өз ара жардамдашуу», «достук», «чыккынчылык кылбоо», «жубайына урматсый» сыяктуу түшүнүктөр кирбей калган? «Улук баалуулуктар» анча улук эместерден жогору турабы?

4) Кээ бир конкреттүү «улук баалуулукту» кандай түшүнсө болот? Мисалы «абийирдүүлүктүн» кандай түрү тууралуу кеп болуп жатат? Кудайга терең ишенген адам менен атеисттин абийир түшүнүгү ар кандай болушу мүмкүн. Бирок экөө тең биздин жаран. Мини-этек кийүү абийирдүүбү? Хижжаб кийүү абийирдүүбү? Келинге калың берүү абийирдүүбү? Муну ким таразалап, ким чечет?

5) Негизги суроо – эмнеге түрдүү жоруууга жол ачкан нерселерди Конституцияга киргизебиз? Аларды аткарбай коюу үчүн эч кандай чара колдонулбаса, же тетирисинче, ал адамдын укугу менен эркиндигин бузган, ойго келбеген кесепеттерге алып келсе эмне кылабыз?

Бул долбоорду юриспруденцияны жакшы билбеген насаатчы философтор жазгандай. Ал эми аны демилгелеп аткан кээ бир парламенттик фракциялардын башчылары юрист экенине караганда, алар долбоорду окуп чыгышканы, же карабай туруп эле кол коюп бере салышканы белгисиз...

## Жарандык тууралуу – 50-берене

Учурда иштеп аткан Конституция боюнча кыргызстандыктын жарандыгын эч ким жокко чыгара албайт. Бул абдан туура.

Жаңы долбоор боюнча Конституция жарандыкка кепил боло албайт. Бул адамдын укугун бузган, аябай басынтуучу жана демократияга каршы келген норма.

Балким бул жаңылык террорчулук менен күрөшүү үчүн киргизилип жаткандыр. Ооба, мындай норманы кээ бир мамлекеттер колдонот. Бирок ал өзүнүн эффективдүүлүгүн далилдей алган эмес. Мамлекеттердин дээрлик бардыгында мындай норма жок.

Террорчулар менен жарандыгын жокко чыгаруу аркылуу эмес, аларды жок кылуу, же абакка камоо менен күрөшөт. Жарандыгы алынган террорчулар коом менен мамлекетке коркунуч бойдон кала берет.

Андан сырткары, Конституциянын жарандыкты кепилдебегендиги атка минерлердин аша чабууларына алып келиши мүмкүн. Депутаттар кош жарандыгы барлардын жарандыгы алынсын десе эмне кылабыз? Андайлар чекеден чыгат. Азыр он миңдеген жаранбыздын орусиялык же башка жарандыгы бар. Бийлик өзүнө каршы чыккандарга колдоно башташы да мүмкүн. Мыйзам кабыл ала коюп, жарандыгын алып сала алат.

Жарандык маселеси азыркы Конституциядай "Бир да жарандын жарандыгы жокко чыгарылышы мүмкүн эмес" деп так чечилиши керек. Буга эч кандай алымча-кошумчанын кереги жок.

## Өкмөт жана Премьер-министр жөнүндө – 72-берене

Киргизилген жаңылыктар менен Премьер-министрдин туруктуулугу камсыздалган. Долбоор боюнча Премьер менен Вице премьер-министрлер депутаттык мандаттарын сактап калышат. Эгер өкмөттөн кетишсе, кайра парламентте иштей беришет. Андан сырткары, Премьер-министр Парламентке басым көрсөтө алган механизмдер түзүлгөн. Эгер азыркы Конституция боюнча Премьер-министр Өкмөткө ишенбестик көрсөтүү маселесин Парламентке жылына бир гана жолу коё алса, жаңы долбоордо ал каалашынча коё алат. Бул учурда Президент Өкмөттү же Парламентти кетирет. А эгер Президент Өкмөт тарапта болсо, Парламент өзүн сактап калыш үчүн Өкмөттү колдогонго мажбур болот. Буга кошумча, Премьер өз каалоосу менен Өкмөт мүчөсүн кетире алат.

Бул жаңылыктардын кандай оң жана терс жактары бар? Албетте Өкмөттүн туруктуулугун бир топ бекемдейт. Бирок өкмөттүн эки тизгин бир чылбыры кандайдыр бир саясий топтун колуна тийсе, Парламент менен ойногонго жол ачат.

## Соттор жана жеке жашоо сыры тууралуу – 94-берене

Долбоордо сот болом деген адамдар жазуу түрүндө каттарынын, телефондон жана башка жол менен сүйлөшүүлөрүнүн сыр бойдон калуусунан баш тартуусу керек.

Биздин сот системасы арам кекиртектерге толуп кеткендиктен бул норма керек сыяктуу көрүнөт. Бирок сотторду ким тыңшайт деген маселе чыгат. Милиция менен прокурорлорбу? Бирок алар деле таза эмес да. Анда эмне үчүн алар да ушундай тил кат беришпейт? Анда аларды ким тыңшайт? Андай болсо депутат менен министрлерден баштап бардык атка минерлердин баары жеке жашоо сырларынан баш тартсын. Арам кекиртектик бардык мамлекеттик тармакта тамырлаганы калппы?

Учурдагы соттун чечими менен тыңшоо укугу жетиштүү. Андан көрө башка атка минерлердикиндей эле соттордун кирешеси тууралуу декларацияларын тыкыр текшерүү жетиштүү. Эмне үчүн ушул норма бүгүнкү күнгө чейин жакшы иштетилбей келет? Буга тиешелүү укуктук база небак эле түзүлгөн.

## Конституциялык палата жөнүндө – 97-берене

Долбоордо мыйзамдын Баш мыйзамга дал келбөөсү эки баштуу болуп калган. Башында Конституциялык палата (КП) бул тууралуу бүтүм чыгарат, андан кийин аны Парламент жана Президент менен макулдашуусу керек. Ошондон кийин гана бул мыйзам Конституциялык палатанын добушуна коюлат. Эгер Президент менен Парламент макул болбосо, чечим КПнын мүчөлөрүнүн ⅔ добушу менен гана кабыл алына алат.

Бул КП бир да мыйзамды Конституцияга дал келбейт деп токтото албайт дегендик. Мыйзамды Парламент кабыл алып, Президент кол койгон соң КП анын Конституцияга дал келбегендигин кайра алардан сураса, алар "ооба" демек беле? Бул конституциялык электин жок болуусу дегендик. Үчүнчү бийлик бутагынын мааниси – башка экөөнөн көз-карандысыздыгы. Долбоор боюнча КП мыйзамдарды каттаган органга айланып калып атпайбы.

Учурдагы КПнын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү мыйзамдын Конституцияга дал келбешин эч кимден сурабай туруп чечкени эң туура нерсе. Ошондо гана мамлекетти туруктуу кылган бийликтер аралык тең салмактуулук сакталат.

## Президент жөнүндө

Долбоор боюнча өкмөт мүчөлөрүн кетире алышы, депутаттык мандатынын сакталышы жана Өкмөткө ишеним көрсөтүү маселесин Парламентке каалашынча коё алышы боюнча Премьер-министрдин ролу жогорулап, Президенттин ролу бир аз төмөндөгөндөй сезилет. Бирок жаңы долбоор боюнча Президент күчтүү фигура боюнча калат. Азыркыдай эле ал жалпы элдин добушу менен шайлангандыктан, Өкмөттү дайындаган Парламент менен теңтайлаша берет. Мындан сырткары Президент күч органдарынын жетекчилерин дайындап жана жумуштан кетире алат.

Ошентип нукура парламенттик башкарууга өтөбүз деген негизги максат долбоордо ишке ашкан эмес. Эми жогорудагыдай талаш жараткан өзгөртүүлөр үчүн конституциялык реформа кылуунун эмне кереги бар?

*Кыскасы бул өзгөртүүлөрдүн пайдасынан зыяны көп экени даана көрүнүп турат. Андан көрө, берилген убада боюнча Конституцияга 2020-жылга чейин тийбей туруп, жаңы долбоорду шашылбай талкуулаш керек.*

ТАМЕРЛАН ИБРАИМОВ

# Кыргызга балээ капыстан келет

Сел агызган тамдар, айдоо жерлер, муштумдай болгон мөндүр, нөшөрлүү жамгырдан улам жол боюна кулаган таштар, капыстан жай ортосунда келген табыгый кырсыктардын чети эле. Ал эми алдыда болсо кыш мезгили...



Жай мезгилинде өлкөбүздө жаан–чачындын эки эсе жаашы катардагы жарандан да синоптиктер үчүн күтүүсүз болду окшойт. Мөндүр менен коштолгон нөшөрлүү жамгырдын айынан сел, жер көчкүлөр байма–бай катталып, дыйкандарга, айыл тургундарына бир топ кыйынчылыктарды жаратты. Бирок бул жерде таң каларлык деле эч нерсе жок сыяктуу. Себеби кыргыз калкы мындай нерселерге көнүп калган. Мамлекетибиз жылына аба–ырайынын ысык–суугуна даяр эмес болуп, бардык нерсе бизге капыстан кирип келет. Былтыр дагы кыш кар эмес, жаан–чачын менен коштолгон. Өчпөйт деген электр энергиялары кайрадан өчүп, жылуулук станциябызга көмүр жетишпей жана туура эмес сапаттагылары алып келинип, жакшы эле убараланганбыз. Айтор, алдын–ала даярдыктын жоктугунан улам дыйкандарыбыз эмгегинин үзүрүн көрбөй, жолдорго кулаган таштар, же болбосо дарактар ары–бери өткөндөргө кыйынчылык жаратып, карапайым калк үйлөрүн, мал–жанын селге агызып олтуруп калат.

## Мамлекет акча бербегендиктен, чет өлкөлүк окумуштууларга кошулуп иштейбиз

Жаратылыш кырсыктарынан улам болуп жаткан кыйроолор экология тармагына жакшылап көңүл буруубуз керек экенин айтып тургансыйт. Башка өнүккөн өлкөлөрдө жаратылыш кырсыктарынын алдын алуу үчүн атайын институттар, изилдөө борборлору иштесе бизде мындай нерселерден кабар жок. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын **Биология жана топурак таануу институтунун мүдүрү, биолог-эколог Жээнбаев Бекмамат** агай климаттагы өзгөрүүнүн алдын алса болорун айтат:



– Мен биолог–эколог катары айтып өтсөм, климаттагы өзгөрүүлөр глобалдык маселе болуп жатат. Себеби көптөгөн завод, фабрикалардын иштеши көмүр чыккыл газын абага чыгарып, соңунда температура көтөрүлүп, климат өзгөрүп жатат. Мисалы, Кыргызстандагы эле абалды карасак, көмүр казып алуу, Кумтөрдүн тегерегиндеги мөңгүлөрдүн айланасындагы кен казып алуу иштеринин жүрүшү абанын, суунун курамдарын өзгөртүүдө. Демек, бул маселеге комплекстүү түрдө карашыбыз керек. Изилдөөлөр жүрүп жатат. Бирок өкүнүчтүүсү мамлекет бизге көңүл бурбай жаткандыгында. Союз тарагандан кийин геолог, эколог, биологдордун экспедицияга чыгуусуна мамлекет атайын бир тыйын акча бөлбөйт. Өлкөбүзгө келген эл аралык фонддор, чет өлкөлүк окумуштуулар менен кошулуп чыгып чыгып, өзүбүзгө керектүү материалдарды топтойбуз. Кээ бир окумуштуулар: "Климат өзгөргөн жок, бул циклдүү эле процесс" деп айтышат. Бирок акыркы учурда өлкөбүздө климаттын өзгөрүшү ачык эле көрүнүп турат. Мунун алдын алуу үчүн мамлекетте атайын программа иштелип чыгып, аны атайын каржылаш керек.





## Жазында жаан-чачын нормада болот дегенбиз. Андай болбой калды

Аба–ырайында болуп жаткан өзгөрүүлөр Кыргызгидрометеорология борбору тарабынан текшерилип турат. Бирок бизде аба–ырайындагы өзгөрүүлөр алдын ала жумасына, же айына гана берилбесе, мезгилдик кылып айтылбайт. **Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин астындагы гидрометеорология агентсвосунун мүдүрүнүн орун басары Рыскелди Галиевич** бизде сезондук аба–ырайына божомол жасалбайт дейт:



– Мындай аба–ырайы жалгыз эле бизде эмес, кошуна өлкөлөрдө дагы болуп жатат. Быйыл өзгөчө бир шарт түзүлүп жаткандыгынан улам, климаттын өзгөрүшүнө байланыштуубу, же башка бир себептер барбы аны азыр аналитиктер изилдеп бүтүшө элек. Бизде глобалдык аналитикалык борборлор жок. Мындай нерселерди Россия жана башка өлкөлөр изилдеп, бизге түшүндүрүп беришет. Биз деле өзүбүз көрүп жатабыз, чынында эле, быйыл аябай жаанчыл болуп, жазгы прогноздор акталбай калып жатат. Себеби жазында жаан–чачын нормада болот дегенбиз. Бизде сезондук аба–ырайы берилбейт. Жумалык же бир айлык кылып беребиз. Сезондукту дүйнөлүк глобалдык борборлор жасайт. Биз аларды колдонобуз. Бирок бул борборлор жасаган нерселер деле акталбай калып жатат. Деги эле 3–4 айга аба–ырайы тууралуу маалымат берүү аябай эле оор. 4 ай мурун шамал кандай болот деп айтыш кыйын эле. Алар деле болжолдуу моделдер аркылуу алышат. Ар бир жылдардагы аба–ырайынын өзгөрүүсүн салыштыруу менен эсептеп чыгып, синоптик өзүнүн көз карашына карата түзөт. Биз бир айлык жана кыска аба–ырайы маалыматты сөзсүз түрдө жасап турушубуз керек. Эгер коркунуч болсо, алдын ала айтып, шашылыш билдирүү таратабыз. Аларды атайын органдарга беребиз. Алар биз берген маалыматка ылайык, пландоо иштерин жүргүзүшөт.

## Жаан-чачындын көп болушу бир жагынан пайдалуу болду

Жай мезгилинин жаанчыл болушу айрым жашылча–жемиштерге суроо–талапты азайтты. Алсак, быйыл коон–дарбыздын жылы эмес болду окшойт. Өзгөчө сатуучулар коондун өтпөй жатканын айтышууда. Баят базарында дарбыз сатып жаткан Бусурманкул мырза төмөнкүлөргө токтолду:

– Жылына бул жерге Оштон коон–дарбыз алып келип сатам. Бирок быйыл аба–ырайы жаанчыл болгондуктан соода жакшы болбой жатат. Дарбыз аз–аздан өтүүдө, коон болсо өтүмдүүлүгүн жоготту. Өзүңөр деле Ош базарында арабаларда өтпөй тура берип чирип баштаган коондорду арзан сатып жаткандарын көрүп жатасыңар. Мен бул жерге сатууга онго жетпеген эле коон алып келдим. Өтпөй жатканынан улам дагы килограммы 40 сомдон түшкөн жок. Эгер келерки жай дагы ушундай болсо, анда аба–ырайына жараша мөмө–жемиш отургузуп, сатыш керек. Болбосо жөн эле чыгымга учурайбыз.

Анткени менен Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Дыйканчылык саясаттын өнүктүрүү башкармалыгынын начальниги Жигиталы Жумалиев жаан–чачындын көп болушу бир жагынан арпа, буудай өңдүү өсүмдүктөрдүн түшүмүнүн жогорулоосуна пайдасын тийгизди дейт:


– Түз айтыш керек, республиканын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги быйылкы жылы алдын ала божомолу жаз жана жай айларына жаан–чачындын көрсөткүчтөрүн жылдагыга салыштырмалуу азыраак болорун билдирген. Бирок жаандын көлөмү нормадан бир топ көп болду. Жаан–чачындын көп болушу кайрак жерлердеги буудай, арпа жана май берүүчү өсүмдүктөрдүн түшүмүн жылдагыдан жогору болуусуна пайдасын тийгизди. Ошону менен бирге, айдоо аянтарында отоо чөптөр көбөйдү. Аларга каршы иш–чаралар жүргүзүлдү. Учурда өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо Департаментинде жетиштүү көлөмдө гербициддер бар жана алардын баасы фермерлерге жеткиликтүү деңгээлде. Жогоруда айтылган Департаментин адистери бардык жерлердин айдоо аянттарында зыянкечтер менен ооруларды пайда болушуна байкоо жүргүзүп турушту. Күрөң жана сары дат басуу (ржавчина) ооруларынын локалдык пайда болуусу орун алды. Мындай өзгөчө ооруларды очокторуна каршы, фунгициддерге каршы дарыларды дыйкандар ар дайым өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо Департаментинин жакынкы бөлүмүнөн сурап алууга мүмкүнчүлүгү бар. Республиканын тоют даярдоочулары бардык шартты туура колдонуп, көп жылдык тоют аянттарында чабылган чөптөрдү которуштуруп жыйнап алууга даяр болуулары керек. Ал эми бакча өстүргөн дыйкандарга дарбыз жана коондун астына нымдуулук көп болгон учурда чирибеш үчүн төшөгөнгө саман камдоону жана мөмө–жемиштерди сактоодо жыгачтын опилкасын, сүрүндүсүн колдонууну сунуштап жатабыз.

Мындан ары аба–ырайынын туруксуз болушу күтүлчү нерсе болуп калды. "Сактангандан кудай сактайт" дегендей, мамлекет тарабынан алдын ала иштер жүргүзүлсө, кырсыктар азайчудай. Болгону ишти тил менен эмес, кол менен жасаса болду.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Баш мыйзам өзгөрөбү?

Кыргызстандын Баш мыйзамы сегиз жолу өзгөртүлгөн. 2010-жылы апрель айында болуп өткөн тарыхий окуядан кийин өлкөнүн негизги документи деп саналган Баш мыйзамга 2020-жылга чейин өзгөртүү киргизгенге мораторий жарыяланган







## Мыйзам долбоору талкууланат

Анткен менен жайдын июль, август айлары кыргыз саясат айдыңында абал тынч болот деп жоромолдогондордун жайкы каникулдагы тилеги ишке ашпай калды көрүнөт. Буга КСДП фракциясынын лидери Иса Өмүркуловдун 28-июлда Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу мыйзамдын долбоору Жогорку Кеңеште иштелип жатат деген билдирүүсү себеп болду.

Мындай билдирүүдөн соң кыргыз коомчулугунда, социалдык тармактарда Баш мыйзамды өзгөртүш керек. Баш мыйзамды 2020-жылга чейин жайына коюш керек деген тараптардын айтышы аарынын уюгун козгоп койгондой эле болду.

Иса Өмүркуловдун айтымында, мыйзам долбоорун КСДП, "Кыргызстан", "Өнүгүү-Прогресс", "Республика-Ата Журт" фракциялары талкуулап жатышат. Жакынкы күндөрү мыйзам долбоору 30 күнгө созула турган элдик талкууга алынып чыкмакчы. Мыйзамдын сентябрь айында күчүнө кириши күтүлүп жатат.

Референдумду 2016-жылдын 30-июнунда биринчи окуудан эле кабыл алынган "Референдум тууралуу" мыйзамдын алкагында өткөрүү мерчемделип жатат.

Мыйзам долбооруна ылайык, референдум Жогорку Кеңеш тарабынан мыйзам формасында бекитилет. Баш мыйзамды өзгөртүү мыйзам долбоору депутаттардын жалпы санынын жок дегенде үчтөн эки бөлүгүнүн добушу менен кабыл алынмакчы. Референдум ноябрь айынын акырына мерчемделген жергиликтүү бийлик органдарын шайлоо менен сыйлыгыштырылган.

Өмүркуловдун айтымында, өзгөртүүлөр Өкмөт жана Сот системасына байланыштуу болот. Баш мыйзамдын өзгөрүшү менен премьер-министрдин ыйгарым укугу жогорулап, сот системасын реформалоо жана башка да айрым бир өзгөртүүлөр эртелеп ишке ашырылат. Мында премьер жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын өзү бекитип, өзү бошото алат. Айрым бир саясатчылардын жоромолунда кокус өлкөдө жаман айтпай жакшы жок, өзгөчө кырдаал абалы болуп кетсе, эл шайлаган жетекчи менен жогору жак бекиткен администрация башчыларынын айырмасы тууралуу кеп болуп жатса керек. Бул сөзсүз түрдө мамлекеттик коопсуздукка байланыштуу алдын алуу иштери болушу мүмкүн.

Президент менен премьер-министрдин ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү Баш мыйзамды өзгөртүүнүн негизги максаттарынын бири болуп саналат.

## Баш мыйзамды алмаштырышыбыз керек

Ал эми өлкө башчысы Алмазбек Атамбаев Чолпон-Ата шаарында журналисттер менен болгон маегинде Конституцияны эмнеге өзгөртө тургандыгынын себебин төмөнкүчө түшүндүргөн. "Кыргызстандын азыркы Баш мыйзамы менен кийинки келе турган президент оңой эле ажыдаарга айланып кетиши мүмкүн. Мен көптү көргөн киши катары Кыргызстанда ажыдаар болбош үчүн Баш мыйзамды алмаштырышыбыз керек деп айтам. Эгерде кийинки президент мендей эмес болсо, ал Баш мыйзамды оңой эле өзгөртүп ажыдаарга айланышы ыктымал. Өлкө башчысынын оюу боюнча президент болобу, премьер болобу, спикер болобу бийлик жеке анда гана болбошу керек. Кийинки президент кыйналбашы үчүн көп нерсе жасай турганын, ошондой эле өзүнөн кийин мыкты өлкө башчысы келе турганына ишенерин айткан.

Ал эми Конституциянын атасы саналган эл өкүлү Өмүрбек Текебаев 2010-жылы референдум аркылуу кабыл алынган Баш мыйзамдын өзгөртүлгөн долбоорун иштеп чыккан жумушчу топтун башында турган. Ал Баш мыйзамдын долбоору 2020-жылга чейин өзгөрүлбөсүн деген жобону кабыл алгандардын да бири болуп эсептелет. Өмүрбек Чиркешовичтин айтымында, Баш мыйзамга өзгөртүү киргизгенге парламентке гана тыюу салынып, ал эми элге референдум кылууга тыюу салынган эмес. Президенттин мындай кадамдарга баруусун Өмүрбек Чиркешович аткаруу бийлигин бекемдөө менен өлкө коопсуздугун жана мамлекеттин бүтүндүгүн чыңдоо максатында гана болушу мүмкүн деп эсептеген.

## «Конституция. Кайда баратабыз?»

2-август күнү «Конституция. Кайда баратабыз?»деген аталышта референдумду өткөрүүгө каршылыгын билдирген айрым бир оппозициячыл маанайдагы саясатчылыр менен жарандык активисттердин талкуусу болуп өттү. Талкуунун катышуучулары учурдагы бийлик Баш мыйзамды мыйзамсыз өзгөртүп, бийлигин бекемдөөнүн аракетинде болуп жаткандыгын баса белгилешти. Ушул себептерден улам бийликти узурпациялоого каршы аракеттерди баштоону туура көрүштү. Чогулуштун катышуучулары ЖКдагы КСДП, "Кыргызстан", "Өнүгүү-Прогресс", "Республика-Ата Журт"фракцияларынын Баш мыйзамды өзгөртүүнү демилгелеп жатканын бийликтин ыйгарым укуктарын кеңейтип, бийликти толугу менен басып алууну ниет кылып жатышат деп жар салышты.

"Бир бол" партиясынан ЖКга шайланып келген депутат айым Чолпон Жакупова Баш мыйзамды өзгөртүү үчүн парламенттеги депутаттарга бийлик тарабынан кысым болуп, кол чогултуу процесси жүрүп жатканын айтып өттү:

– Биз кайрадан эле 2010-жылдагы абалды көздөй баратабыз. Өзгөртүү киргизүүгө фракция субъект боло албайт. Муну учурдагы Баш мыйзам боюнча 80 депутаттын добушу менен гана өзгөртүүгө болот. Ал эми ЖКнын сайтын карасаңыздар болгону беш депутаттын аты көрсөтүлүп, калгандарын "ж.б" деп көрсөтүп койгон. Бийлик сексен депутаттын добушун өз эрки менен албасына көздөрү жетип, кысым көрсөтүп жатат. Бийликтегилердин ынандыруу жөндөмдүүлүгү боюнча алдына эч кимди ат салдырбай турганын бөркүнөрдөй эле көргүлө. Булар эртеби-кечпи сексен депутаттын добушун алганга мүмкүнчүлүгү жетет. Депутаттардын жарымынын кылмыш иштери бар. Ал эми ынандыруунун ыкмалары көп экенин өзүңүздөр деле билесиздер. Ошондуктан депутаттардын көбү өз алдынча чечим чыгара алышпайт. Себеби алар бирөөлөрдүн илинчегинде илинип турушат. Ошол себептүү Конституцияны өзгөртүү менен биз кайда барып каларыбызды түшүнүшүбүз керек. Эң биринчи эл-журтка түшүндүрүү иштерин жүргүзүшүбүз керек. Эл кайрадан авторитардуу, тынчы жок турмушка баратканын билиши керек, – деди.

Конституциялык палатанын мурунку судьясы Клара Сооронкулова Баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү мыйзам бузуулар менен менен ишке ашарын айтып, мындай боло турган болсо атайын конституциялык кеңешме түзүп, кызуу талкуу кылыш керек болчу дейт:

– Баш мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгени тар чөйрөдө иштелип чыккан. Авторитаризмдин күчөп турган чагында да мындай ишке барышкан эмес. Баш мыйзамыбыз деле буга чейин көп жолу өзгөргөн. Бирок мынчалыкка барган эмес. Баш мыйзам өлкөбүздүн негизги мыйзамы экенин билип, аны сыйлашса болмок. Баш мыйзамды өзгөртөрдүн алдында мурунку бийликтегилер өздөрүнө ылайыктаса да коомчулукка жеткиришип, атайы адистерди чакырып долбоорлорду даярдашчу.

Ал эми "Бүтүн Кыргызстан" партиясынын лидери саясатчы Адахан Мадумаров "Кыргызстанды сактап калуу кеңешин" түзүүнү сунуштап, жер-жерлерге чыгып элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн айтты.

Талкуунун жыйынтыгында туура деп табылган сунуштардын негизинде Баш мыйзамды өзгөртүүгө каршы атайын жумушчу топ түзүлдү. Жумушчу топ "Бийликти узурпациялоого жол бербөө" деген ураан менен иштемекчи болду. Адахан Мадумаров, Эльмира Ибраимова, Чолпон Жакупова, Замира Сыдыкова, Нарын Айып, Рита Карасартова, Мавлян Аскарбековдор жумушчу топтун ишин кылдырмай болушту. Бул топ жакынкы күндөрү Конституцияны өзгөртүүгө каршы иш мерчемдерин иштеп чыкмакчы болуп тарап кетишти.

Бирок канткен менен түрдүү саясий көз караштагы, бири-бири менен башка учур болсо учурашпай турган адамдардын биригип, тегерек столго отуруп Баш мыйзамдын эртеңки келечек күнү үчүн чырылдаганынан канчалык майнап чыгар болду экен деген ойго да келесин.

## Конституция деген түшүнүк кол тийгис нерсе менен салыштырылат

Себеби Баш мыйзам эң жогорку юридикалык күчү бар өзгөчө нормативдик укуктук акты, мамлекеттин негизги мыйзамы. Баш мыйзам – мамлекеттин саясий, укуктук жана экономикалык негизин аныктайт. Көп учурда Баш мыйзам уюмдаштыруучулардын жыйыны менен, же болбосо референдум аркылуу кабыл алынат. Туура, 2010-жылы жазылган Баш мыйзам шашылыш бүтүрүлгөн. Кемчиликтери да толтура. Ошенткен менен апрель революциясынын курмандыктарынын канын сыя кылып жазган Башмыйзамды 2020-жылга чейин убадага так болуп, өзгөртпөй күтө турганыбыз оң. Белгиленген мөөнөткө чейин жетпей калган жерин жеткирип, толбой калган жерин толтура турган жумушчу топтун ишине толук шарт түзүп берүү деле оңой иш болбойт.

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

# Баланы акчага туура мамиле кылууга үйрөтүү



Бала тарбиялоодо аны акча менен шыктандыруу, сарамжалдуулукка жана эмгекчилдикке үйрөтүү, жаштайынан акча эмес мамиле маанилүү экенин түшүндүрүү кандай болуусу керек?

### Мукуштун биринчи окуясы

Мукуш кадимкидей эле өзү теңдүү балдардай үч жашар бала. Убагында эр эңишке түшүп, каскадер да болуп жүргөн атасын тартканбы, билектери жоон тартып турат. Азыркы көпчүлүк балдарча смартфон менен планшеттерге кызыга бербейт. Ага кыймылдуу оюндар жагат. Атасы бут менен күүлөнгөн машине сатып бериптир эки жашында. Күүлөнтүп келип бардурдү бир сүзүп андан нары машина-сашинеси менен газонго тоголонуп кетүү Мукуштун жайкы эрмеги болду. Эми үчкө келгени агасынын шайтан арабасын зуулдатып барып бардур-сардур дебей секиртип тээп жүргөнү-жүргөн...

Бир күнү атасы бир пачке миң сомдукту санап отурса жанынан Мукуш шуулдап өтүп баратып карап туруп калат. Атасы аны бир карайт да, унчукпай туруп бир тутам ири акчаны Мукеңе сунат. Эки бүктөлгөн акча колуна араң кармалган Мукуш бир чети жини келгенсип, бир чети намыстанып, бир чети чочуп: «Эй! Эмне..!?»? – деп атасына бир тиет. Атасы олуттуу карап унчукпай отуруп алса, боюн түзөп, акчаны шашпай чөнтөккө салып, жөнөп берет...

### Мукуштун экинчи окуясы

Бул Жогорку Кеңешке партиялар аттанган убакта болгон окуя. Мукуш бир күн кечке жок болуп кетип, кечинде колуна бир тутам үгүт баракчасын көтөрүп үйгө келет. Колундагылар кайсы бир партияны мактап-жактаган баракчалар экен. Энеси аны керээли-кечке издегенин айтып, Мукуштун эмне кылып жүргөнүн сурайт. Көрсө бир-эки досу менен жаңы конушту түрө кыдырып, үгүт баракчаларын таратышыптыр. Энеси:

– Кечке курсагың ачкан жокпу же жумушуң үчүн бир нерсе бериштиби? – деп сурап калат.

– Ооба, он сомдон алдык.

– Анан кана алган акчаң?

– Балмуздак алып жеп койдум.

Эртеси күнү энеси жыйырма сом берип «Үйдө отур» дегенине карабай кызыккан чуу чыгарып жатып, үгүт баракчасын таратканга кетет. Демек кечээки он сом бүгүнкү жыйырма сомдон таттуураак окшойт...

Кыскасы анын жоругун угуп эле жүргөм. Бир күнү үйүнө барып өзүн да көрүп калдым. «Партияң Жогорку Кеңешке өтүптүр го», – деп айтсам жылмайып кубанып алып, так секирип эшикти көздөй жүгүрүп кетти...

### Эмнеге балага акча беребиз?

Балабызга акча берээрден мурун эмне максатта берип жатканыбызды жакшы билишибиз керек. Ал акчаны туура пайдаланганды үйрөнсүн деп жатабызбы? Же жакшы жүрүм-турумү үчүн, же сабактарын мыкты аткарганы үчүн бердикпи? Же ал өзүн башкалардан кем көрбөсүн үчүн карматтыкпы? Же жөн гана өзүңүз бала кезде акчадан кандай кыйналганыңызды эстедиңизби? Эмесе, ушундай суроолорго жооп таап алсаңыз туура чечим кабыл алууңуз дагы жеңилдейт.

### Балада туура эмес сезим калыптаган абал

Алгач балага эмне үчүн акча бербеш керек экенин кеңешип алсак. Кесипкөйлөр балага үй тапшырмасын аткарганы үчүн, же үй иштерине колкабыш кылганы үчүн акча берүү туура эмес деген ойдо. Мындай учурда акча биринчи орунга чыгып, ата-эне баланы баш көтөртпөй башкара баштайт. Ал кандайдыр бир тапшырманы аткарганга мүмкүндүгү жок болсо да «айлыгынан» куру жалак калат. Андайда баланын көңүлүндө акырындап ата-энеге карата жагымсыз сезимдер калыптана баштайт. Ал үй тапшырмаларын жакшы, сапаттуу аткарбай калат. Тетиринче кезектеги акчасын алуу үчүн эптеп-септеп бүтүрүүгө өтөт.

### Мектепке чейинки бөбөктүн акчасы

Балага кайсыл курагынан баштап акча берип баштаса туура болот? Мисалы, төртбеш жашка чыккан балага акча жыйнаган кутуча жасап берсе жаман эмес. Ага улуулар кечинде үйгө келгенде чөнтөгүндөгү майда-барат акчасын салып коет. Мындай кутучанын жардамы менен ата-эненин ар кандай себептен улам дароо алып бергенге кудурети жетпей жаткан, бала алдыргысы келген оюнчукка каражат топтосо болот. Андан сырткары, ушундай ыкма менен бала сабырдуулукту үйрөнүп, бардык нерсе дароо эле каалагандай боло калышы мүмкүн эмес экенин билет. Бирок ашыкча күттүрүп коюу да туура болбойт. Себеби бул курактагы бала ал акчаларды өз алдынча коното албайт. Андан сырткары ал каалап жаткан нерсенин баасын билбейт, ага канча убакыт акча чогултуу керектигин да баамдай албайт.

### Мектеп босогосун аттаган азамат

Мектепке кирген бала өзгөчө эрежелери бар жаңы чөйрөгө кирет. Бала бакчада ага акчанын кереги деле жок болчу. Мектепте болсо буфеттен эл катары бирдеме алып жеши керек. Бакчадагыдай «бекер» тамакты эч ким бербейт. Мектепте тамак акчага эмес, талон боюнча берилген убакта деле балага апта башында чөнтөк пул бериш керек. Ал бул акчаны жолуна сарптайт, ара чолодо таттуу бир нерсе алып жейт, ашып калса акча жыйнаган кутучасына салып коет.

### Бала өзүнө насаат кылганы жакшы

Балаңыздын акчасын кантип коротуп жатканына көз салыңыз. Ал берген акчаны апта башында эле жок кылып салып жатабы же жуманын ар бир күнүнө өзүнчө бөлүп коротобу? Акчаны зарыл нерселер үчүн гана сарптап жатабы? Ашыкча чөнтөк акчаны кутуга жыйнап жатабы же коротуп салганга шашабы?

Бала акчаны сиз туура көргөндөй коротуп жатса ага эки саат насаат айтпаңыз. Балаңыз бардык нерсени өз тажрыйбасынан өткөрүүсү керек экенин эстен чыгарбаңыз. Ал бала курагынан тартып аз акча менен жүрүү тажрыйбасын топтогону өтө маанилүү. Мисалы аптанын биринчи күнү эле барык акчасын коротуп салса, жума бою эч нерсе сатып ала албай калганын өз башынан өткөрүүсү керек.

### Балаңыз томсоруп калбасын

Өспүрүм үчүн чөнтөгүндө акча болуусу зарыл болуп калат. Эгер мектептин башталгыч классында окуган бала үчүн акча – бир нерсе сатып алууга гана керек болсо, өспүрүм курактагылар үчүн акча – достору менен чогуу болууга шарт болуп калат. Мектеп ашканасындагы ар кыл жаштагы балдарга байкоо салсаңыз буга күбө болосуз. Башталгыч класстын баласы тамакты биринчи, экинчиси менен алат. Алар менюну кылдат карап, тандап алган тамагы үчүн канча акча керек экенин санап, шашпай буйрутма берип жешет. Андай балдар үчүн чоң кишидей буйрутма берип, өздөрү акча төлөгөнү өтө маанилүү. Алар көбүнчө өзүнчө отуруп алып тамактанганды да жактырат. Өспүрүмдөр болсо топтошуп келип, бирден куймак менен чай ала коюп, үстөлдөрдү бириктирип алып, бапылдап сүйлөп тамактанышат. Алар баарлашууну каалашат. Ортодогу тамак сүйлөшүүгө себеп гана болуп берет. Акчасы жок өспүрүм томсоруп отурат.

### Баштаган соң таштабаңыз

Өспүрүм балаңызга жума сайын, же ай сайын бир сумма чуктап бере баштасаңыз аны дайыма улантыңыз. Аны чөнтөк акчасын бербей коюу менен жазалабаңыз. Эгер андай жазаласаңыз балаңыз эптеп ал каражатка жетиш үчүн калп айтып, же айтышы керек болгон нерселерди жашыра баштаашы мүмкүн.

Чөнтөк акча баланы сүйүнтүү, ата-энени сүйдүрүү үчүн берилет. Ал аркылуу балаңыз бүтжетин мерчемдөө боюнча алгачкы сабактарын ала баштайт.

«АЛТЫН МУУН» коомдук фонду

### Кыска эскертмелер:

- Баланын жаш курагына жараша канча каражат керек экенин болжоп, акча сарптоо мүмкүнчүлүгүн берүү;
- Берилген сумманы үнөмдөп бир нерсеге чогултканга аракет кылып баштаса, ал аракетин кубаттоо жана үстүнө акча кошуп каалаган нерсесин алып берип сүйүнтүү;
- Ар айткан же ар каалаган буюмун алып берүүдөн узак болуп кеңешүү жана керектүү нерселерди алуу жөндөмүн калыптоо;
- Бирок сарамжалдуулукту үйрөтөм, өтө эрке болуп кетүүсүн каалабайм деп жүрүп эч бир адамга жакпаган сарандык сапатын калыптап албайлы;
- Оюнчук же жаш курагына жараша көңүл ачууга керектүү каржы менен камсыз кылбай коюп, орунсуз жаза берип, натыйжада балдарды жалганчылыкка, андан да жаманы уурулукка чейин барып, туура жолдон чыгуусуна себеп болуп калбоо;
- Кичинесинен муктаждарга материалдык жактан да жардам берүү, камкор, кайрымдуу жана жоомарттык сапаттарга көнүүсүнө көңүл буруу.

# М.Туташев: Президенттик кубокто чемпион болгонго аракет кылабыз

Учурда курамында эң атактуу улакчылар ойногон, ошону менен катар колунда бар эр азаматтар, коомдо төбөсү көрүнгөн аткаминерлерден тартып жалпы көк бөрү күйөрмандарынын колдоосуна татыган сүймөнчүк команда бул атактуу "Достук" командасы. Акыркы турнирлердеги көрсөткүчтөр, курамындагы оюнчулардын жекече ийгиликтери команда жылдан-жылга күчүнө кирип келе жатканын тастыктайт. Бул ирет алдыда келаткан Президенттик кубокко негизги талапкерлердин бири болгон "Достук" командасынын жетекчиси Мыктыбек Туташев агабыз жалпы команда боюнча төмөндөгүлөргө токтолду



### «Достук» Ош облусунун командасы

«Достук» командасы 2012-жылы түптөлдү, команданын атын "Достук" деп өзүм койгом. Себеби биз курамыбызга республиканын туш тарабынан келген балдарды чогулттук. Команданы уюштуруу идеясы мага таандык. Өзүм көк бөрүнүн күйөрманы болом жана улак тартканды жакшы көрөм. "Достук" командасы расмий түрдө Ош облусунун атынан чыгат. Команданы түптөш, балдарды чогултуш оңой болбойт экен. Ар бир оюнчуга жараша ат керек болот, себеби ат менен бала жарашса анан көк бөрү көркүнө чыгат. Командага азыркыдай деңгээлге жетиш оңойго турган жок. "Достук" командасы былтыртан баштап күчүнө кирип, көзгө көрүнө баштады. Эң чоң жеңишибиз быйылкы Нооруз жана Жеңиш турнирлерде финалга чыгып 2-орунду алганыбыз. Деңгээлибиз жылдан-жылга өсүп келе жатат. Курамдагы балдарга атайын контракт төлөнбөйт, бирок материалдык жардам көрсөтүп турабыз. Командада балдар кудайга шүгүр, күчтүү. Төгөрөктүн төрт бурчунан эң күчтүү улакчылар топтолду.

### Оюнчуларыбыз жана аргымактар

Биз балдарды өзгөчө ыкма менен ойнотконго аракет кылабыз. Команданы машыктырууда атайы өзүбүздүн ыраатыбыз бар, балдарды ошол боюнча машыктырабыз. Турнирлерге даярдык башталганда оюнчуларыбыз аттарды бастыруудан сырткары футболго барышат, чуркашат жана машыгуу залдарына да барып талаптагыдай даярдыктан өтүшөт. Жаңы оюнчуларды алуу тууралуу ойлор жок, ушул курамыбыз буюрса, жакшы. Командабыздагы эңчигтер менен чабуулчулар булар: Манас Ниязов, Аскат Аскаров, Бабуш Султанбеков, Таалайбек уулу Баку, Кыяз Ниязовдор болсо, коргонууда: Белек Мукаев, Рамзат Бөкөнбаев, Акбар Иманбеков, Таши Майлыбашев, Илияс Исаковдор ойношот. Ал эми Самат Молдокулов, Байыш Ниязов деген оюнчуларыбыз ортодон оюн көргөзүшөт. Достук командасынын эң күчтүү аты бул чабуулчу Манас Ниязов ойноткон Бойка деген тулпарыбыз. Бойканы былтыр Күн-Туудан сатып алганбыз, учурда бир асый. Командада чабуулдун аттарынан – Фирдаус, Месси, коргоодо ойногон аргымактарыбыздан – Алай, Чагылган, Байрак. Буларды биздин команданын алдыңкы буудандары деп айта алам.

### Түштүктөгү "Достук 2" командасы

Түштүктө ойногон "Достук – 2" командасынын оюнчулары биздин инилерибиз болуп кетет, бир айылданбыз. Биз бул командага ат жагынан, жана башка дагы колубуздан келген жардамдарыбызды көргөзүп турабыз. "Достук – 2" командасында да улакты мыкты тарткан, күчтүү улакчылар бар. Албетте, ал жакта топтон суурулуп мыкты чеберчилик көргөзгөн оюнчулардын "Достук" командасынын негизги курамына кошулууга мүмкүнчүлүктөрү болот.

### Командада чыныгы түштүктүк балбандар аз

Түштүктө торпок-улак тартып көнүшкөн, улакка келгенде улакты жерден көтөрүү жеңил да, оңой да болуп калат. Бирок, торпок-улак тарткан бала командалык улактын ыгына көнө албаган учурлар да болот. Торпок-улакта жерден алып аттын жалына салабыз, ал эми теке улакта улакты жерден алып такымга басабыз. Теке улак тартып көнгөндөр командалык улакта жакшы ийгилик көрсөтүшөт. Себеби дайыма такым менен ойноп көнүп калышат да. "Достук" командасы расмий түрдө түштүктүн командасы деп айтылганы менен курамда түштүктүк жигиттердин аз болгонунун бир себеби ошол деп дагы айтсак болот. Анткени Чүйдө жалаң такым менен чапкан мыкты улакчыларыбыз бар, ошол үчүн "Достук" командасынын курамында Чүйлүк, Таластык, Көлдүк мыкты улакчылар көп. Экинчи себеби – жолдун алыстыгы. Балдарга турнир сайын Оштон бери келип оюн көргөзүш бир топ эле түйшүктү жаратат.

### Сүрөөнчүлөр

Бизге негизги сүрөөнчүлөрүбүздүн бири Алтынбек Сулайманов ат алып берди. Дагы башка досторубуз ат жагынан да, башка жагынан дагы көмөктөшүп, жардамдарын көргөзүп келишет. Былтыр Мөл-Булак микрокредиттик компаниясы командабызга форма тиктирип берди. Демөөрчүлөрүбүз ат алып бергенден сырткары, оюнчуларыбызга акчалай жардам көрсөтүп келишет. Негизи эле мамлекет тарабынан аттардын жем-чөбүнө, башка чыгымдарыбызга колдоо көрсөтүлсө жакшы болмок. Биз өзүбүз күйөрман катары улакты жакшы көргөнүбүз үчүн, улакчыларыбыз өссүн, кыргыздын балбандары таанылсын деп өз чөнтөгүбүздөн акча чыгарып команда кармайбыз да.

### Негизги атаандаштар

Азыр "Талас", "Достук", "Сары-Өзөн" үчөө тең бирдей, күчтүү командалар. Биз "Талас" командасын дагы, "Сары-Өзөн" командасын да мыкты атаандаштар деп эсептейбиз. Биздин команда үчүн экөө тең бирдей деңгээлдеги күчтүү атаандаштар. Негизинен чүчү кулак кайсы командага ийгиликтүү туш келсе, ошол командада жеңишке мүмкүнчүлүк көбүрөөк болуп жатат. Мисалга жарым финалда "Сары-Өзөн" менен "Талас" командалары ойноп калса, демек, бир күн мурда 2 күчтүү команда ойноп эртеси күнкү финалда аттары чарчап калып жатат.

### Президенттик кубокко даярдыктар

Акыркы өткөн турнирлерде команда кудайга шүгүр бардык жагынан туура эле оюн көргөздү, бир гана жекеме-жекеде ортого ойноон атыбыз жетишсиз болуп калды. Жекеме-жекеге чыккан Спартак деген атыбыз жаш болуп жакшы оюн көргөзө алган жок, калганы бардыгы жакшы болду. Эми буюрса, ортодогу атыбыз да такшалып баратат. Мурдагыга салыштырмалуу жылыш бар. Келаткан оюнда ортого эки ат чыгарабыз. Спарттака кошумча жаңы Бешкашка деген буудан оюн көргөзөт. Бешкашканы Суусамырдан сатып алдык, учурда 3 асый. Буюрса, ушул аргымак жакшы ийгилик алып келет деген ойдобуз. Учурда Президенттик кубокко даярдык башталып, Көк-Жар айылында машыгып жатабыз. Балдар дагы, аттар дагы ошол жактан оюнга даярдык көрүп жатышат. Өзүңүздөр билгендей, алдыңкы оюнчубуз Манас Ниязов учурда Кыргызстан курама командасынын катарына кошулуп Көчмөндөр оюнунда кыргыздын намысын коргойт. Келаткан Президенттик кубокто Манас Ниязовдун ордуна убактылуу оюнчу алабыз. Алдын ала эле биз жеңебиз деп айтып жибериш кыйын. Бардыгы Кудайдан, буюрса, чемпион болгонго аракет кылабыз. Кайсы команда күчтүү экени оюн талаасында билинет.

### Учур жана көк бөрү

Көк бөрүдө мурдагыга салыштырмалуу Кудайга шүгүр, күйөрмандар көбөйдү. Учурда жылыш абдан чоң, көк бөрүнүн келечеги кең деп ойлойм. Акыркы оюндарда "Сары-Өзөн" командасы жакшы даярдыктар менен келди. "Талас" командасын дагы мыкты команда деп эсептейм. Мындан сырткары, "Көк-Жал", "Бөрүлү", "Сокулук" командаларын мыкты десек болот. Нарындан, Таластан, Көлдөн да жаңы командалар келип атат. Бардык командаларга ийгилик каалайм жана келечекте буюрса, бардыгы жакшы жетишкендиктерди көргөзөт деп ишенем. Ал эми улакчылардан Рустам Тыналиев, биздин Манас, Кыяз Ниязовдордун, Таластан Бактыяр деген балдарыбыздын оюндары купулума толуп турат. Негизинен аты чыккан командалардын барында тең мыкты балдар оюн көргөзүп жатышат. Аргымактардан Ахилес, Байтур, Комбат, Бойка деген аттар учурдун мыкты буудандары. "Кең-Талас", "Бөрүлү", "Соң-Көл" командаларынын дагы жакшы аттары бар экен. Кудай буюрса, алдыдагы Көчмөндөр оюну жогорку деңгээлде өтөт деген үмүттөбүз. Көчмөндөрдө спорттун көрүнүктүүсү көк бөрү болгондуктан, улагыбызды жогорку деңгээлде, жакшынакай өткөзүп алсак биздин чоң жетишкендигибиз болот деген ойдомун.

РАХАТ АКМАТОВА

# Түрк коому үч жумадан кийин: Төңкөрүш ишке ашты

Сабахаддин Балжы жана Метин Кылычтын кыргыз бийлигине «насаат» айтуусун түшүнсө болот. «Кыргызстанда иштеп Себатка тиешелүү окуу жайларды эмнеге жаптыра алган жоксуңар?», - деген шылтоо менен алардын майлуу жерлерин тартып алып, Түркиядан чыга качайын дегендер чекеден табылат

## Уттурган түрк калкы болду

Түркиядагы төңкөрүш аракетине сарсеп салганда акылга эң биринчи "Мындан ким уттурду?" деген ой келет. Эч күмөнсүз бул козголоңдо толугу менен түрк мамлекети жана түрк эли уттурганы айдан ачык болуп турат.

240 адам өлдү, 1,5 миңге жакыны жарадар болду. Козголоңдон кийинки сандарга келсек, түрк министрлеринин бири: «60 миңден ашык адам жумуштан айдалды жана бул башталышы гана», – деп мактанып айтканына караганда, кесепети жеңил болбойт. Расмий маалымат булактары учурда жумуштан чыгарылгандар 50 миңдей дегени менен ар түрдүү мекемелерден чыгарылган адамдардын санын кошкондо алардын 100 миңге жакындап калганы көрүнүп турат.



## Козголоңго кимдин катышы бар?

Көз карандысыз серепчилер бул суроого азыркыга чейин так жооп таба элек. Түркияны жакшы билген кээ бир серепчилердин баамында, буга түрк куралдуу күчтөрүнүн жарымынын катышы бар. Түрк атайын кызматы бул төңкөрүштү билип калгандыктан, баары бирдикте чабуул жасай албай калган. Түрк генералитетинин тең жарымы камакка алынып, сабалганы жана алардын ар бири жогору жактын буйругун аткарганын айтканы буга кыйыр далил болуп тургансыйт.

Бул аракетке түрк бийлигинин өзүнүн катышы бар дегендер да бар. Аскерге тиешеси жок миңдеген адамдын эртеси күндөн баштап массалык түрдө камакка алынып же жумуштан айдалганына караганда, Эрдоган тарап козголоңго даяр болгон дешет. Кээ бир маалымат булактарынын айтымында, саясий бийлик эң кеч дегенде төңкөрүш аракетинен алты саат мурун бул тууралуу кабардар эле болгон. Ошондуктан козголоңдон эң көп пайда көргөн тарап Эрдоган менен Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы (АӨП) болгон.

## Төңкөрүш ишке ашты

Жакынкы Чыгыш жана Түркия боюнча адистешкен серепчилердин баамында төңкөрүш ишке ашкан. Аскерлердин аракетин шылтоологон президент Режжеп Тайийп Эрдогандын Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы коомдун бардык катмарын камтыган төңкөрүштү ишке ашырууда. 15-июлдан бери 15 миңдей аскер кармалып, алардын 8000ден ашыгы камалган, 9 миңге жакын полис, 3000 сот, прокурор жана тергөөчү, 5 миңден ашык медицина, миңдеген мамлекеттик кызматкер жумуштан кетирилген.

Фетхуллах Гүлендин жамаатына тиешелүү деген шылтоо менен Эрдоганга чөгөлөп бербеген топтор иштетип келген 35 бейтапкана, 1200дөн ашык фонд жана коммерциялык мекеме, 130дан ашык жалпыга маалымдоо каражаты жабылып, 90 журналистти камакка алуу ордери чыгарылган. Түрк өкмөтүнүн бул аракеттерин Түркияда мурунку кылымдын 60- жана 80-жылдардагы аскердик төңкөрүштөн кийинки репрессияларга салыштырууга болот. Төңкөрүш жасаган аскерлер да эң биринчи кезекте мамлекеттик мекемелерди өзүнө туура келбеген кызматкерлерден тазалап, жалпыга маалымдоо каражаттарына асылышкан. Эрдоган мунун аркасы менен жеке бийлигин күн сайын бекемдеп, Конституцияга султандык менен гана салыштырууга болгон президенттик башкаруу системасын орноткон өзгөртүү киргизүүгө шымаланып турган кези.

## Башкаруу жана билим берүү 50 жыл артка кетти

Серепчилер Эрдогандын партиясынын кээ бир кылыктары аскердик төңкөрүшчүлөрдөн ашып түштү дешүүдө. Айрыкча, билим берүү тармагына багытталган сокку өтө кооптуу деп бааланууда. Адамзат тарыхында билим берүү очокторун жаап, мугалимдерин куугунтуктап, китеп саткан дүкөндөрдү талкалаган эл менен бийлик кыска мөөнөттө улутчулдук жана диктаторлуктун караңгылыгына көмүлгөнү белгилүү. Түркияда 15-июлдагы козголоңдон кийин 1200 жеке менчик мектеп жана 15 университет жабылды. 1500 факультеттин деканы, 21000 мугалим жана мектептерде иштеген 15200 кызматкер жумушунан айдалган. Окуучулар менен студенттер мамлекеттик жана Эрдоганга жакын жеке менчик окуу жайларга которулууда. Балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын башынан өткөн психологиялык стресс бир канча жылдан кийин кесепетин көргөзөт деп божомолдонууда. Бул өлкөнү жакшы билген серепчилер Түркия мамлекеттик башкаруу менен билим берүүдө 50 жыл артка кетти дешет.

## Түрк өкмөтү массалык психозго кабылып, калкын да буга кириптер кылууда

2011-жылдан бери түрк бийлиги бардык жерден душман издөө оорусуна кабылган. Өзүн түрк макалындагы «сүттөн чыккан ак кашыкка» салыштырган Эрдоган жана санаалаштарынын бул оорусу 2013-жылы андан да күчөгөн. Ал жылдын 17-жана 21-декабрь күндөрү төрт министри, Эрдоган жана үй-бүлөсү коррупциялык иштерге аралашып калганы билинген. Ошол күндөн ырбаган оорунун жарасы быйылкы 15-июлдагы аскердик төңкөрүш аракетинде жарылып, азыр коомдун бүт денесине жайылып баштаган жарага айланган маал. Өз көлөкөсүнөн чочуган Эрдоган 3000 аскерден турган президенттик гвардиясын таратып, 300 гвардиячысын камакка алдырган. Жумуштан айдалган адамдар сыртка чыгып кетсе «Алда кандай күн болуп кетет деп 21 миңден ашык жарандын паспорттору жокко чыгарылды. Бул байкуштар жумуштан айдалып, эч жерге орношо албаганы аз келгенсип, чет өлкөгө чыгып өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн жанын багуу акысынан да ажыраган. 2013-жылдан бери бардык жамандыкты Фетхуллах Гүлендин адамдары кылды деп көнгөн бийлик эми оозун такыр тыя албай калды. Жети ай мурун атып түшүргөн орус учагын да Гүлендин шакирти жайлаган болуп чыкты. Ал эч нерсе эмес. 2011-жылы 28-декабрда түрк аскер учагы «террорчулар го» деген жаңылуу менен 34 жөн-жай күн көргөн күрттү бомбалап өлтүргөн. Кечээ жакында Эрдогандын күйөө баласы жана энергетика министри Байрактар бул канкорлукту да Гүлендин учкучтары (!) кылса керек деп кыйытты. Баарынан да Анкаранын мэри Мелих Гөкчек ашып түштү. Ал Гүлен жиндерди (Аладдиндикине окшогон) башкарып, аларга далай иштерин кылдырат деп дүрбөдү.

## Эрдоган жана эрдоганчылардан чочугандар

Бишкекте Эрдоганды колдоп келген түрктөрдүн бири дагы өз мекенине кайтып барууну каалашпайт. Алардын арасында кыргыз жарандыгын алайын дегендер да аз эмес. Өз бийлигинен чочуган түрктөр аскерлерин басынткан видео жана сүрөттөргө түшүп калганга аракет кылышат. Себеби эч кимдин жумуштан чыгарылбайм, паспортсуз калбайм, андан да жаманы абакка кирбейм деген кепилдиги жок. Ошондуктан, Бишкектеги «Манас» университетинин ректору Сабахаддин Балжы жана түрк элчиси Метин Кылычтын кыргыз бийлигине «насаат» айтуусун бир четинен түшүнсө болот. Эгер алар бул жактагы жумушунан алынып, Түркияга чакыртылса, кийинки тагдыры кандай болорун эч ким билбейт. «Кыргызстанда канча жылдан бери иштеп атасыңар. Ошондон бери Себатка тиешелүү бир да окуу жайды эмнеге жаптыра алган жоксуңар?» – деген шылтоо менен алардын майлуу жерлерин тартып алып, массалык психозго кабылган өлкөсүнөн чыга качайын дегендер чекесинен табылат.


## Орус бийлиги түрктөр менен «кучакташып» кетпейт

Серепчилердин айтымында, учурда эң сапатсыз түрк өкмөтү иштеп жатат. Түркиянын тышкы иштер министри, Кыргызстандагы элчиси, мамлекетке караган «Манас» университетинин жетекчилигинин аракети муну ашкерелеп турат. АКШ жана НАТО аскердик блогуна кирген мамлекеттер менен араздашып, өзү кол койгон «Адам укуктары» боюнча европалык конвенциянын иштешин токтоткон түрк бийлиги Орусияга чоң үмүт артып тургуны белгилүү. Аскердик төңкөрүш аракетинен кийин орус тарапка оордугун салган Эрдоган жана анын сөзүн эки кылбаган Бинали Йылдырымдын өкмөтү Москва тараптан ойдогудай мамиле көрбөйт дейт аналитиктер. Ошондуктан жети ай мурун токтотулган «Түрк агымы» мунай түтүк жана «Аккую» атомдук электр станция долбоорлорун эртеңден баштап жандандырып, түрк айыл чарба өндүрүмдөрүнө толук жол ачып жибергиле деген сунушту орус тарап дароо кабыл албайт. Биринчиден, орустардын бюрократиялык системасы түрктөрдүкү сыяктуу толугу менен бир адамга байланган эмес. Экинчиден, Түркиядан качкан инвесторлордун акчаларынын көбү Орусияга агып киргени козголоңдун эртеси эле билинген. Үчүнчүдөн, жети ай мурун түрктөрдүн этсүт жана жашылча-жемиштери ээлеп турган базар чыйырларын башка өлкөлөрдүн жана Орусиянын өндүрүүчүлөрү ээлеп алган. Ошондуктан орус президенти убагында «Аллах түрк бийлигин жазалады. Аларды акылынан ажыратты» деп сыпаттаган Тайийп Эрдоган менен Владимир Путиндин 9-августтагы Санкт-Петербургдагы жолугушуусунан кийин эки мамлекеттин ортосундагы экономикалык мамилелер түрктөр күткөндөй тез өзгөрүп кетүүсү мүмкүн эмес.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Аллергия жана аллергендер

**Көпчүлүк адамдар аллергияны коопсуз деп эсептешет. Бирок тилекке каршы аллергия эң коркунучтуу оорулардын катарын толуктайт. Азыркы учурда бул оорудан көп адам жабыркайт. Көпчүлүк аллергия болуп атканын сасык тумоо менен алмаштырып алат. Мына ушул акыбал бара-бара чоң көйгөйгө айланып кетиши мүмкүн. Ошондуктан аллергия деген эмне жана анын түрлөрү менен таанышып алыңыз**



## Аллергия эмнеден пайда болот?

Аллергия бул организмдин кандайдыр бир нерседен сезгенүүсү. Аллергиялык оорулар негизинен көбүнчө бронх астмасынан, поллиноздон, дерматиттерден, дарылардан жана тамак-аштан пайда болот. Булардын келип чыгуусуна антибиотиктерди, дары-дармектерди көп пайдалануу, өнөр жайдын тез өсүшү, синтездик материалдардын, боёктордун, кир кетиргечтердин жана башка турмуш-тиричиликке керектүү химиялык заттардын көбөйүшү себеп болот. Жөнөкөй химиялык заттардан тартып, эң татаал белоктор, полисахариддер ж.б. бирикмелерге чейин аллерген болушат. Аллергия негизинен бир нече түргө бөлүнөт.

Дем алуудагы аллергия – Аллергиянын бул түрү дем алуу убагында болот. Мындай аллергияга айланадагы көзгө көрүнбөгөн чаңдар ар кандай микробдор себепчи. Кеселдин бул түрү аэроаллерген деп аталып, белгилери төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- Мурун бүтүү;
- Чүчкүрүү;
- Жөтөлүү.

Эгерде сизде ушундай белгилер байкалса аэроаллергендерге киресиз.

Дерматоз – Мындай аллергия көбүнчө денеде пайда болот. Аллергияннын бул түрүн ар кандай химиялык кошулмасы бар буюмдар, туура эмес тамактануу, косметикалык каражаттар жана туура эмес ичилген дарылар козгойт. Белгилери төмөнкүдөй:

– Дененин кызарып ар кандай нерселердин чыгышы;
– Кычышуу;
– Дененин кургашы;
– Экзема сыяктуу нерселердин пайда болушу;
– Шишүү (дене, көз, бет, кол ж.б).

Мындай учурда сөзсүз дарыгерге кайрылып дарыланганыңыз оң. Болбосо, денеге кызарып чыккан тактар көбөйүп, ырбап кетиши ыктымал.

Аллергиялык коньюнктивит – көбүнчө көздү жабыркатат.

– Көздүн айланасындагы тери шишип кетет;
– Кызарат;
– Жаш маал-маалы менен, же тынымсыз агып турат.

Энтеропатия – Аллергиянын бул түрүн көп кездештирүүгө болот. Мындай абал ичеги-карын ооруларына байланыштуу. Анын белгилери төмөнкүдөй:

– Жүрөк айлануу;
– Кусуу;
– Ич катуу. Мындай убакта тамак-ашка көңүл буруу зарыл.

Анафилакциялык шок. Кеселдин бул түрү аябай кооптуу болуп саналат. Бул бир нече секундга гана пайда болуп, айрым учурларда 5 саатка чейин созулушу мүмкүн. Дары-дармекти туура эмес колдонуу мунун күчөшүнө алып келет. Аллергиянын бул түрү менен жабыркаган убакта:

– Дем алуу оорлойт;
– Денени калтырак басат;
– Жүрөк айланып, кусат;
– Денеде ар кандай тактар пайда болот.

## Экзогендик жана эндогендик деген эмне?

Организмге сырттан таасир эткен экзогендик жана организмдин ичинде пайда болгон эндогендик аллергендер бар. Экзогендик аллергендерге инфекциясыз чаң, жүн, дары-дармек, өсүмдүк чаңчасы, тамак-аш жана инфекциялуу бактериялар, вирустар, козу карындар кирет.

Эндогендик – бул биологиялык аллергендер. Аларга микроптор, вирустар, козу карындар, мителер, кан сары суусу жана вакцина кирет. Көпчүлүк жугуштуу ооруларды аллергендер коштойт. Ал эми дары-дармектер, мисалы кодеин, аспирин, новокаин ж.б. кээ бир дарылар аллергиялык кабылдоого арбын чалдыктырат. Ошондой эле, турмуш-тиричилик аллергендерине чаң, нымдуу үйдөгү козу-карындар, курт-кумурскалар, таракан, чач, жүн ж.б. кирет. Бул аллерген дем алуу жолдорунун аллергиялык оорусун, мурун бүтүү оорусун пайда кылат.



Шамал аркылуу чаңдашуу маалында айрым өсүмдүктөрдүн чаңчалары организмге кирип адамда аллергия оорусун пайда кылат. Мындайда бейтаптын дем алуусу кыйындайт. Андан сырткары тамак-аш аллергендери да болот. Айталы сүт, жумуртка, эт, помидор, цитрус жемиштери, шоколад, кулпунайлар аллергияны пайда кылат.

Иммунитети төмөндөр ооруйт

Аллергендер организмге биринчи киргенде эле аллергиялык реакция болушу мүмкүн. Мында сенсибилизация мезгили болбойт. Андай реакцияга идиосинкразия – айрым тамак-аштын жана дары-дармектин жакпастыгы кирет. Аллергиялык реакция тез болуучу жана жай болуучу болуп бөлүнөт.

Аллерген таасир эткенден 15–20 мүнөттөн кийин териде, дем алууда, тамак сиңирүүдө ж.б. системаларда пайда болгон реакциялар тез болуучу аллергиялык реакцияга кирет. Алар поллиноздор, бөрү жатыш, бронх астмасы, кан сары суу оорусу ж.б. Жай болуучу реакциялар бир нече суткадан кийин өнүгөт. Аларга кишилердин бактерияларга (мисалы, кургак учук, бруцеллез оорулары) сезгичтигинин жогорулашы, химиялык өнөр жайда иштегендердин, фармацевттердин, медициналык кызматкерлердин дерматити кирет.

Бирок, адистердин айтымында организмге аллерген кирген бардык учурда эле аллергия боло бербейт. Анын өнүгүшүнө тукум куучулук, нерв жана эндокрин системасынын абалы белгилүү роль ойнойт. Негизинен иммундук системасы төмөндөп кеткен адамдар аллергия оорусуна чалдыгат. Ата-эненин экөө тең поллиноз, анафилакциялык шок, тукум куума бронх астмасы, аллергиялык мурун бүтүү сыяктуу оору менен ооруган үй-бүлөдөгү балдардын 55 пайызы аллергия менен ооруйт. Көбүнчөсү алгачкы жолу аллергияга бала чагында кабылышат. Эң өкүнүчтүүсү, бул ооруга бир жолу кабылгандар өмүр бою андан арылбай, жапа чегишет.

Андыктан сөзсүз түрдө дарыгерлерге кайрылып туруу керек. Антпесе, анын арты жагымсыз бүтүшү мүмкүн.

## 3 адамдын бирөөндө кездешет

Аллергиянын өнүгүшүнө нерв жана эндокрин системасынын функциясынын бузулушу, мээ травмасы, терс эмоциялар, бөйрөк үстүндөгү бездин начар иштеши түрткү болот. Бүгүнкү күнү дүйнө жүзүндө үч адамдын бирөө аллергия оорусу менен ооруйт экен. Тилекке каршы, бул ооруга чалдыккандар жыл сайын көбөйүп баратат. Ал укумдан-тукумга берилсе өтө коркунучтуу дешет дарыгерлер.

Аллергиянын алдын-алуу үчүн ар бир адам өз ден-соолугуна көңүл буруп, өз убагында дарыгерлерге кайрылса, бул ооруга оңой менен чалдыкпайт. Анткени, дарылоону врач гана жүргүзүшү керек. Ооруну чакырган аллерген аныкталса, аны дарылап айыктыруу жеңилге турат. Лабораториялык диагностикалык ыкма ар кыл заттарга организмдин жогорку сезгичтигин аныктоого мүмкүндүк берет. Ал эми врачтардын дарылоосу оорулууга аллергендердин келип түшүүсүн токтотууга жана аллергенге сезгичтигин төмөндөтүүгө багытталган. Аллергенге сезгичтикти төмөндөтүү гипосенсибилизация (десенсибилизация) деп аталат.

## Эне сүтү баланы витамин менен камсыздайт

Гипосенсибилизация оорунун белгилери жок мезгилде жүргүзүлөт. Мисалы, кан басымы төмөндөп кетсе аны нормага келтирүүчү, бронх астмасында бронхторду кеңейтүүчү ж.б. дарылар берилет. Дарыгерлер жазып берген дарыларды ичкенден сырткары, үйдүн ичин таза кармоо да зарыл. Ошондой эле организмдеги бардык инфекциянын очогун (ооруган тиш, мурун коңулдарынын сезгениши, холецистит ж.б.) жоготуу керек. Ичеги-карындын иштешин жакшыртуу да тамак-аш аллергиясын азайтат. Эмчектеги баланын аллергия болуу коркунучу аз. Анткени эненин сүтү баланы керектүү витаминдер менен камсыздап турат. Ал эми тез даярдалуучу тамактар (фаст-фуд), газдалган суусундуктар аллергияны андан бетер күчөтөт. Көбүнчө эттен жасалган тамактарды жеш керек.

Аллергия козголуучу мезгилде, мисалы жазында (бак-дарактар жашылдана баштаган убакта) жөнөкөй эле эрежелерди сактоо кажет. Мисалы:

– Кеңседе, үйдө эшик-терезелерди ачпоо;
– Сырттан келгенде жуунуп туруу;
– Бөлмөлөрдү күндө эки ирет нымдуу чүпүрөк менен тазалап туруу;
– Күндө эртең менен таза абада сейилдөө.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ

# «Хизметтен» Конституцияга чейин

Бул аптада интернет бетинде уу-дуу кеп көп. Албетте, буга президентибиз Алмазбек Атамбаевдин Чолпон-Атада маалымат жыйынын өткөргөнү таасир этти окшойт. Себеби анын ар бир сөзү фейсбукта кеңири талкууга алынып, өйдө-ылдый кептер айтылып турган убак. Андан сырткары, жакында өткөрүлгөнү турган референдум дагы кошул-ташыл болуп жатып калды



1-август күнү Чолпон-Ата шаарында берген маалымат жыйынында өлкө башчы Түркия тышкы иштер министрлигинин кебине кеңири токтолду.

- Кыргызстан – көз карандысыз мамлекет. Ошондуктан кандай чечим болбосун өз алдынча кабыл алабыз. Эгер алар бизге жардам беришкен болсо, анда аны ар кандай дооматы жок аткарышсын. Эгер жардам бергиси келбесе, анда кереги жок. Биз алардын алдында бөйпөндөгүбүз келбейт. Ооба, бизде ар кандай көйгөйлөр болгон. Президент болуп турганымда да, премьер болуп турганымда да алардан 8 млрд. долларлык грант тартууга жетишкенимди жашырбайм. Бул айтылган каражаттын 3 млрд. долларга чукулу бизге которулган. Бирок ал убакыттар өттү, биз бизге жардам берген мамлекеттерге ыраазыбыз. Бирок, бизге эмне кылышыбыз керектигин үйрөтпөй эле коюшсун. Ооба, биз кичинекей мамлекетпиз. Бирок, биз эң байыркы калктарданбыз, - деди ал.

Андан сырткары, ал Түркиянын Кыргызстанга жасаган эскертүүсүнө жооп кылып «Түркия ТИМи «Себат» мекемелери төңкөрүш уюштурат деп эскертүү бериптир. «Себат» билим берүү мекемелери бизге абдан керек. Андай акылдуу болсо өздөрүндөгү төңкөрүштүн алдын-албайт беле», — деп жооп кайтарды.

## Эрдогандын кылыгы Манас Бердибековдун тамашасына окшош

Ал эми АКШ мамлекетинин Чикаго шаарында жашаган Жуман Кеңеш аттуу фейсбук колдонуучу Түркия президенти Режеп Тайип Эрдогандын Кыргызстанга жасаган басымын ыраматылык куудул Манас Бердибековдун тамашасына салыштырды.

- Эрдогандын Кыргызстандагы хизмет мектептерин жаптыруу аракети ыраматылык куудул Манас Бердибековдун бир тамашасын эске түшүрдү: "Бир тике кызып калгандан кийин отуруштагы эң "слабый" бирөөнү табат дагы: "Нормальный отуралы, ээ?" деп тийише баштайт. Алдуу-күчтүүлөргө асылбайт. Эч кимге тийишпей, жөн эле отурган алсыз бирөөгө асылат." Анын сыңарындай, алеки заматта Гитлердей диктаторго айланган, бийликке мас болгон Эрдоган Түркиядагы хизметке тиешелүү бардык нерсени жаптырды, талкалачусун талкалап, өрттөчүсүн өрттөдү. Эми Кыргызстан менен Казакстанды жогорудагы анекдоттой коркута баштады. Ошончолук эле кыйын экен хизметтин Америкадагы мектептерин жаптыргыла деп айтпайбы Обамага? - деди ал.

## Байыркы калк экенибиз оозеки ганабы?

Президентибиз дайыма айта келгендей, чынында эле, биз - байыркы калкпыз. Бирок, бүгүнкү күнү биздин байыркылыгыбызды башкалар тургай, өзүбүз да сыйлабай калсак керек. Себеби, буга чейин бардык салтыбыз, үрп-адатыбыз, нарк-насилибиз, дастандарыбыз, фольклорубуз унутулуп келсе, бүгүн эптеп кармап, эптеп чогултуп отурган тарыхый буюм-тайымдар кайдыгерликтин айынан зыянга учурап тургансыйт. Себеби, өткөн жумаларда эле Бишкектин чор ортосундагы Тарых музейинде өрт чыккан. Эмесе ошол тууралуу фейсбук колдонуучу Чыңгызхан Амантур уулу төмөнкүдөй кеп кылат:

- Көз жаздымда калып жатат. Кокус бир дүкөн өрттөнсө чоң чуу чыкмак. Музейдеги мурас буюмдар өзгөчө камкордук менен сакталат. Кичине эле калпыстык болсо буюм жабыр тартат. Ондоо иштери болуп жатканда эмнеге ошол буюмдар бүт эрежелери менен башка жерге кылдат көчүрүлгөн жок?

Алты сааттан ашык күйсө (канча быкшып турганы белгисиз), анан 90 тоннадан ашык суу чачылса кантип эч нерсе жабыркаган жок деп ишенимдүү айтып жатышат? Дал ошол башаламан үйүлүп ташталган буюмдар өрттөнүп жатса, эч нерсе болбойт имиш. Эмнеге ал жерге буюмдар үйүлүп ташылган? Эреже, эреже деген балээ кагазга жазылыш үчүн элеби?

## 2020-жылга чейин, өзгөртүлбөйт деген

Анткени менен Кыргызстанда жакында дагы бир кезексиз шайлоо болгону турат. Бул тууралуу 1-август күнү маалымат жыйынын өткөргөн өлкө башчы да ачык айтып өттү. Ал референдумга ылайык, конституцияга өзгөртүү киргизилип, ыйгарым укуктар бөлүнгөнү турат. Бирок, мындай өзгөрүүгө эмтеден эле каршы чыгып, нааразылык билдиргендер да аз эмес. Эмесе, белгилүү коомдук ишмер Мавлян Аскарбековдун интернеттеги баракчасына жазган чакырыгын жарыялай кетсек:

- Урматтуу достор, жаңы муун өкүлдөрү. 25 жылдык тарыхыбызда 9 ирет Конституцияны өзгөртүштү. Акаев, Бакиев жана аларды жандап жүргөндөр, Конституцияны өзгөртөрдө, укмуш сөздөрдү айтып, элибизге, келечегибизге керек деп жар салып, жыйынтыгында Конституция өзгөргөн сайын, бийликтин бир бутагы күчтөнүп келген. 2010-жылы, кандуу апрель, Ош окуяларынан кийин, маркумдар көмүлө электе, сөөктөрү табыла электе, элибиз кайгы тартып турган кезде, бири президент болуп калуу максатында, башкасы тез арада бийлигин легитимдештирүү аракети менен референдум өткөзүп, 2020-жылга чейин, өзгөртүлбөйт деген жобо менен кабыл алынган. Бүгүн Конституцияны 9-10 киши, Президенттик шайлоо алдында, өзгөртүү демилгесин көтөрүп чыгышты. Максаты - ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, керектүү бийлик бутагын бекемдөө. Өткөн муундан үмүт жок, алардын максаты эптеп бийлигин сактоо, башкасыныкы кайра бийликке жетүү. Жаштарга, жаңы муун өкүлдөрүнө чакырык - Урматтуу достор, өзүбүздүн, өлкөбүздүн, элибиздин, келечегибиздин тагдыры биздин колдо. Өзүбүзгө ишенели, колубуздан келет. Кайдыгер болбойлу. Жакын арада чогулуп, сүйлөшөлү, кеңешели. Бардык кайдыгер эмес, эртеңкисин ойлогон жаштар, жаңы муун өкүлдөрү ФБ аркылуу байланышсаңыздар. Чат ачабыз, убактысын, ордун, катышуучуларды тактап, тез арада чогулуп сүйлөшөлү. Кыргызстандын булуң-бурчунан өкүлдөр келет. "Учкундан жалын тутанат". Сураныч, бөлүшүп койсоңуздар.

## Кылмышкерлер сотторго акыл үйрөтөт

Ал эми эл ичинде анча-мынча аты чыгып, ар кандай маселелерге оң-терс пикир айтып келген белгилүү фейсбукчу Данияр Айтман аттуу жаран бул өзгөрүүлөр тууралуу үзүктөй пикир жазып, баракчасына жайгаштырган. Эмесе, биз анын кичинекей бирок опурталдуу жерин бөлүшүү менен макалабызды жыйынтыктасак:

«Сот бийлигинин аткаруучу бийликке көз карандылыгын дагы тереңдетип, таптакыр алсыз жана кудуретсиз абалга келтире турган бир канча түзөтүү сунушталып жатат. Мен алардын эки гана шартына токтоло кетсем.

Биринчиден, конституциялык палата кайсы бир мыйзамдын Конституцияга карама-каршылыгы туурасында Президент жана Жогорку Кеңеш менен макулдашпай туруп өзгөртүү киргизе албайт. Бул албетте, кептин таптакыр бүтүшү. Деги кылмышкерлер сотторго акыл үйрөтүп, өздөрүн кантип соттош керек экенин үйрөтүп турсун деген кайда бар экен?

Мына ушул өзгөртүү менен Президент жана Жогорку Кеңеш эч кандай тоскоолдуксуз, Конституциялык соттор жолтоо болот деп чочулабай туруп Конституцияны буза алышат. Айтмакчы, ансыз деле азыр ошондой болуп келатат жана бул өзгөртүү Конституциялык палатанын таптакыр алсыз экенин расмий гана күбөлөндүрүп берет.

Ушул жерден суроо туулат: Деги бизге Конституциялык палатанын эмне кереги бар? Бизге өз алдынча көз карандысыз сот бийлиги дегендин деги кандай зарылдыгы бар? Мүмкүн мындай шоркелдейди такыр эле жаап салып, сотторду аткаруу бийлигинин майда аткаминерине айлантып таштаганыбыз эле туурадыр? Жөн гана ИИМдин ичинде «сот департаменти» деген бөлүм ачып койсокчу?

Негизги-маалымдама боюнча, сот бийлиги Жогорку Кеңеш жана Президенттен кийинки эле орунда турат. Менимче, мамлекеттик бийликти үч тең укуктуу бутакка ажыраткан Жон Локк менен Монтескье бул өзгөртүүнү жазып чыккандарга кошулмак эмес. Бирок булар Локк менен Монтескьени окуду бекен?

Экинчиден, өзгөртүүнүн талабы боюнча бардык соттордун өз алдынча кат алышканын, сүйлөшкөнүн ж.бларын жашырууга тыюу салынат. Тагыраак айтканда, бардык соттор УКМКнын көзөмөлүндө турат. Эми ойлосоңор, эгер өздөрүнүн эң жөнөкөй укуктары корголбой турса, анда алар кантип жарандардын укугун жана эркиндигин сактай алат?»

# Керектүү таштын оордугу жок

Бир жигит үйлөнбөй, үй-жай күтпөй, каалаcа ата-энесиникине келип, каалабаса тентип кетип, селсаяктын турмушун кечирчү. Кулагынын кужурун алгандардан тажап бир күнү “Каалаcам төрт тарабым кыбыла” деп туш келген жагына баса берет. Жолдо кетип баратып “Ушинтип жүрө беремби? Менин колума качан карга чычат. Бекерпоз болуп жүрүп өмүрүм өтөбү?” деп турмушуна наалыш айтат. Ушундай түйшүктүү ойлорго алаксыган бекерчиге жолду карай көзүнө жалаң эле какыраган таштар көрүнөт. “Ушул таштарды чогултуп кимдир бирөөлөргө сатсам канча киреше табат болдум экен? Аларман болуп, бир үй сатып алсам. Уйум жылда төлдөп, малжандуу болуп кетсем. Аларды сатып жакшынакай үй салып, “Катын албай, кайын ал” дейт тегирменчинин кызын алып бала-бакыралуу болуп очор-бачар жашап кетсем кана!” – деп ниет кылып, жолдогу таштарды иргеп кырлуу кооз таштарды капка салып, калганын жолдун боюна таштап жүрүп отурат. Барган сайын таштары оорлошкону менен кыялындагы жакшы ой таштын оордугун сездирбей калды. “Керектүү таштын оордугу жок”, – деп кез-кез акырын ырдай коюп да келе жатты.

Бир маалда катуу нөшөр болуп, сел жүрүп жолду жууп кетсе болобу? Бүткөн бою суу болгон жигит жолдун аркы бетиндеги өзөндүн жээгиндеги сары оттой болуп жылтыраган таштарга көзү түшөт. “Каап, кабым толуп калбаганда тигил таштарды базарга алып барып сатсам жакшы болбойт беле? Муну толтуруп албадымбы”, – деп жонуна таштарды бөктөрүнүп алып жолго кайрадан түшөт. Кылчайып караса, көзүнө жаңкы таштар тим эле жалтырап чагылышат. Айла жок буларды төгүп жүрмөк белем, – деп оор таштардын салмагынан темтеңдеп кетип баратып суу эзип кеткен ылайдан тайгаланып, жолдун чекесиндеги чуңкурга көтөрүп бараткан таштары чачылып түшөт. Таштарды кайра чогултайын деп баратып: “Мындан көрө тиги жылтыр таштарды чогултайынчы”, – деп сайдын ары жагына өтөт. Бирок бул жерге келип, жанагы көргөн жылтыр таштарды канча издеген менен бирөөнү да таба албайт. Жылтырап турган жерге келсе эле, жөнөкөй эле урчуктуу таш болуп калган болот. Түн бир оокумга чейин кооз таш издеп жаны катуу чарчаганынан сайдын жээгине суй жыгылат. Эртең менен таштардан көңүлү калгандай болуп ойгонуп, кечээги келген жагын көздөй аяк шилтейт. Жолду карай “Кайсы жерден жыгылдым эле?”, – деп чуңкурду издей баштайт. Караса көтөрүп жүргөн таштары тим эле кынап койгондой болуп төгүлүп калыптыр. “Ой мен буларды укмуш кылып тизип койгон турбаймынбы. Менин деле колуман бир нерсе келет турбайбы”, – деп шарт бурулуп айылын көздөй жөнөйт. Жолду карата тегиз таштарды чогултуп отуруп, атасынын үйүнө келип:

– Атаке, мага үй салганга ылайыктуу жер тандап бер. Үй салам, – дейт. Баласынын бул жоругуна нары таң калып, нары кызыккан атасы:

– Ой жаман уулум, сага эмне болгон. Каалаган жериңе сала бер. Сага эс кирип калган го. “Жаманга да эс кирет, эс киргенде кеч кирет”, – деп күлүп ыңгайлуу дөңсөө жерди көрсөтүп берет. Ошентип жаман уул күндө сай жээгинен, болбосо жол боюнан түрдүү кооз таштарды көтөрүп келип кынаптап тизип, көркөмдүү үй сала баштайт. Үйдүн дубалын оймолоп түр салып коозойт. Ары-бери өткөндөр “Бул эси жокко не болгон? Укмуш үй салып кирди”, – деп айран таң калышат. Бир күнү мунун үйүнүн түбүнөн өтүп бараткан тегирменчи аста токтоп жигитке: “Ой, баатырым, мындай сонун үйдө кантип жалгыз жашап жатасың? Мындай үйдүн кожойкеси да болуш керек. Менин кызымды албайсыңбы? – деп тамаша-чынга аралаш суроо салат. Ошентип колунан иш келген жигит шаңдуу, бардар жашап калган тура.

# Жакшылыктын сыныктары

– Жайдын аптаптуу ысыгынын келиши менен өзүңүздөр билгендей, шаар тургундарынын көпчүлүгү салкын жайларды издеп калышат. Колунан келгендери Ысык-Көлгө, же болбосо алыскы жайлоолорго кетишет. Эмесе ошондой эс алуулардын биринде болгон кичинекей окуяны сиздерге баяндап берели. Шаардын ысык деминен качкан чакан үй-бүлө дем алыш күнүн көл жээгинде өткөрүп келе калмакчы болуп, зуулдаган бойдон 3 саатта Балыкчыдан өтүп, Чолпон-Атага жакын жердеги пляжга жетип келишти. Көлдү сагынган балдар утуру-утуру суугa шапшынып чыга калышып, жээк бойлой чымын куюн болуп тызылдап жүгүрүп жөнөшөт. Кайра-кайра суугa түшүшүп, айтор, моокумдары канбайт. Көл жээги кандай керемет. Жээкте алтын сымал жалтыраган кумдар күн нуруна чагылышып, көздү уялтат. Балдар кумдан жомоктогудай сепилдерди да жасап ийип жатышты. Көл толкуну сепилдерге жетип-жетпей түрүлүп, душмандын черүүлөрүндөй болуп артка чегинип жатты. Ушундай кызыкты бир маалда эле көл боюнда күмүштөй болуп агарган чачтары саксайган, кийимдери кир, тигиштери дал-далынан кетейин деп калган карыган кемпирдин караанын пайда болду. Ал өзүнчө эле бир нерселерди сүйлөнүп, кумдан кандайдыр бир нерселерди терип, мойнуна артып алган баштыгына салып коюп кетип баратты. Бул кемпирди көргөндө шаардыктар жанталашып балдарын жандарына чакырышып, оору жукчудай болуп өздөрүнчө эле корголоп калышты. Кемпир булардын жанынан да эңкейип, кумду чукулап бир нерселерди терип өтүп баратып жайдары жылмайып учурашып койду. Бирок кемпирдин берген саламына алик алган жан болгон жок. “Кызыктай кемпир экен. Акылынан айнып калган го…” – дешти.

– Бирок, эртеси бул кичинекей кемпирдин өмүр бою көл жээгинен айнектин сыныгын терип жүргөнү белгилүү болду. Балдардын буту тилинбесин деп бир маал жээк бойлой басып, өзү туура деп көргөн ишин жасачу тура, жарыктык киши.

# Табып менен шакирт

Улукман акенин өтө дилгир, аракетчил окуучусу бар эле. Күндөрдүн бир күнүндө улуу дарыгерге көзү азиз бейтапты алып келишет.

Устат шакиртине кайсы бир нерселерди аралаштырып эки токоч жаса деп буйруйт. Шакирт устатынын айтканындай кылат. Азиз адамдын эки көзүнө бирден токочту коюшат. Эртеси күнү шумдугуң кургур, сокурдун эки көзү тең кадимкидей көрүп калган болот.

Ал эми муну байкап турган дагы бир шакирттин кошунасынын көзү азиз эле. Атаандаша окуган шакирттин ийгилигине шыктанган ал үйүнө жүгүрүп барып кошунасын дарылап кирет. Так эле ошол ыкма менен эки токоч жасап, коңшусунун көзүнө басат. Эртеси күнү токочторду алып карашса, байкуштун эки көзү тең агып калган экен. Бир маалда акпейил келесоо ыйлаган бойдон жүгүрүп келип:

– Устат, эмнеге тиги кишинин көздөрү таптакыр соолуп калды, – деп бышактайт. Бир далайга чейин унчукпай отурган Улукман аке бир маалда:

– Сокурлук ар кандай себептерден улам болот, балам. Кээ бири дененин кургашынан болсо, кээ бириники ашыкча нымдуулуктан болот. Кээ бириники ысыктан болсо, кээ бириники суукτан болот. Миң сокурдун оорусунун миң себеби болот. Бириникине бири окшобойт. Бара кой уулум, сен табып болбой эле, наабайчы бол, – деген экен.



# Ааламда соолугус кудурет, инсандыкка не берет? – 2

Энергия алуу үчүн чектелген көмүр, мунай жана газдан чектелбеген күн жана шамалга өтүү – энергия корунун түгөнүүчү түрүнөн түгөнгүс түрүнө өтүү дегендик. Энергия сыяктуу дайыма керектелген, ошондуктан өтө маанилүү корго тиешелүү мындай тажрыйбаны адамзат башынан өткөрө элек

## Утчулар да оор абалда

Энергетикалык ыңкылапта уттургандар мунай, газ жана таш көмүрдү өндүргөндөр. Мындан сырткары кен иштетип, андан электр кубаты менен күйүүчү май чыгаргандар да оор абалда. Алардын кээ бири тарып бара жаткан салттуу энергетика базарынын кесепетин сезе баштады. Калганы жакынкы он жыл ичинде бул маселеге кептелет.

Эгер салттуу энергетика уттуруп жаткан болсо, жаңы энергетика булактарын иштеткендер утушта деген ой келет. Бирок жаңы энергетиканын экономикасы жаңы технологияларды талап кыларын эстен чыгарбаш керек. Бул тармакка акча салам деген инвестор чоң тобокелчиликке барган болот.

Мунун эң негизги себеби – жаңы технология менен иштелип чыккан кубат күн санап арзандап кетип баратканын эстен чыгарбоо керек. Дайыма арзандаган өндүрүм базарында иш алып баруу оор. Муну XX кылымдын дайыма кымбаттап кете берген энергия булагы болгон мунай жана газ менен салыштырып болбойт.



## Уттурганга эч нерсе калбайт

Дефляция (дайыма арзандоо) абалында атаандашкан Samsung же Apple сыяктуу компаниялар жыйынтыкта колго тийген өндүрүмүнүн тетиктерин жумуш күчү эң арзан жерлерге буйрутма кылат. Көп каражатты өзүнүн брендин (белгисин) таанытууга жумшайт. Ошондуктан жетиштүү киреше алышат. Күнүмдүк турмушта колдонулган электроника каражаттарынан айырмаланып, энергияны арзан жерден алып келип, бир жерде чогулта албайсың жана аны таанымал бренддин атынан сата албайсың.

Үстөккө-босток болуп технологиялар дайыма жаңылана берет. Сиз 20 пайыздык эффект берген күн такталарын чыгарсаңыз, кимдир бирөөнүкү 22% бере алса, баары аныкын алышат. Технологиялык индустрия «уткан баарын алат» деген принцип менен иштейт. Утулган албетте бардыгынан кол жууйт.

## Керектөөчү дайыма утушта

Тарыхка көз чаптыралы. Жүз жыл мурун эң жаңы технологиянын бири автоунаа болгон. Ал бара-бара ат сүйрөгөн унааларды сүрүп чыгара баштаган. Америкада эле жүздөгөн автоунаанын түрү аттандаша баштаган. Алардын көбү бел аша албай калса да, бул технология XX кылымдын жүзүн өзгөрттү.

Андан бир ууч унаа фирмалары гана утушка ээ болгон. Эң чоң утушка катардагы керектөөчү жеткен. Жаңы технологиялар алардын турмушун бир топ жеңилдеткен. Бул унаа же энергетика тармагына эле тиешелүү өзгөчөлүк эмес. Бардык тармактын технологиялык жарышынан бир ууч инвестор жана өндүрүүчүлөрдөн сырткары биздин ата-энебиз утуп келген.

## Суу баарына жетет

Бардык технологиялардын эң талуу жери алардын канча энергия талап кылаарына келип такалат. Эгер биз энергия корунун кымбаттыгы жана чектелгендигине тиешелүү маселелерди чечсек, өзүн актабай жаткан көп технологияларды ишке ашырса болот. Мисалы, жакында суунун жетишсиздиги чоң көйгөй жаратат дегендер көп. Кээ бир инвесторлор суу XXI кылымдын алтыны деп жер астындагы көлдөрдү сатып алышууда. Ошол эле убакта жердин үчтөн экисин түзгөн туздуу суудан таза суу алуу технологиясы небак иштелип чыккан. Бирок бул технологиялар көп энергия талап кылгандыктан иштетилбей турат. Эгер арзан жана чектелбеген энергия табылса, адамзатка суу жетпей калат деген көйгөйдү унутса болот.

## Энергиядан түз кубат алса болобу?

XIX кылымдын экономисти жана демографы Томас Малтус адамзаттын саны жана алар керектеген нерселер барган сайын көбөйүп барат деген жөнөкөй бүтүмгө келген. Жер болсо өскөн жок. Эгер сунуш чектелип, талап барган сайын артып кете берсе, тамак-аш тартыш болуп, жер жүзүндө ачарчылык башталат. Бирок бул маселени да технология чечкени турат.

Биз буга чейин белгилегендей, көмүр-суутектин тартыштыгы жана аларды колдонууга берүү чыгымдары күндүн энергиясы менен чечилмекчи. Биз элекрстанциялардын мештеринде көмүр-суутегин (углеводород) жагабыз. Көмүр-сууну (углевод) болсо ашказаныбызда жагабыз. Бул экөө жөн жерден уйкаш болуп калган эмес. Экөөнүн тең басымдуу бөлүгү көмүртек менен суутектен турат. Биз көмүр-суутектин ортомчулугусуз эле энергия алган болсок, көмүр-суусуз деле кубат алганга жол таба алаарбыз.

## Жакында жасалма тамак жейбиз

Бирок бул алмаштыруу сан эмес, сапат жолу менен ишке ашуусу керек. Күн энергиясына өтүү менен биз мештерде көмүр-суутегин жагуу этабын аттап кетсек, адамдын ашказанында көмүр-сууну жагуудан аттап кете албайбыз сыяктанат. Адам электр кубатын сиңире албайт. Анын ашказанына батарейка да орното албайбыз. Чектелген көмүр-суунун ордуна чектелбеген көмүр-сууну табуу менен бул туңгуюктан чыкса болот. Мындай технологиялар ишке кире баштады. Мисалы Google адаттагыдан айырмалоого мүмкүн болбогон гамбургерлерди лабараторияда өстүрө баштады. Демек жакынкы жылдары адамзат суусуз калбагандай эле, тамак-ашсыз да калбайт. Турмушка жакынкы он жылдыктарда кирчү башка технологиялар аркылуу адамзат бош убакытсыз да калбайт. Көп иштерди роботтор аткара баштайт.

## Бар нерсенин баркы жок

Адамды чектелген жана чектелбеген ресурстар курчап турат. Алтын, түрдүү минералдар жана энергия сыяктуу чектелген ресурстардын тегерегинде дайыма талаш-тартыш жаралып турат. Анткени мындай ресурстар дайыма жетишпей келет. Аба же суу сыяктуу чектелбеген ресурстар тууралуу сөз деле кылынбайт, себеби түгөнбөгөн жана бекер нерсеге көңүл бурулбайт.

Чектелген же чектелбеген ресурстарга таянган экономикалар түрдүү мүнөзгө ээ болот. Чектелеген ресурстун экономикасы рентага, башкача айтканда чоң кирешеге негизделет. Бул рентаны ресурстун ээси болгон мамлекет жана ресурсту иштеткен компания бөлүп алат. Кээде, мисалы мунайдан түшкөн рентанын көлөмү эбегейсиз чоң болуп, ал геосаясий күндемдерди жарата алат. Чектелбеген ресурстарга негизделген экономикалар инвестордун көңүлүн бура албайт. Абадан кондиционер чыгарган, суудан коммуналдык кызмат сунган индустрияны куруп чыксаң болот. Бирок булар менен геополитикалык күндемге таасир бере албайсың. Кондиционерлерден түшкөн каражатка ири империя кура албайсың.

## Бардык нерсе өзгөрөт

Карл Маркс турмуш аң-сезимди калыптайт деп келген. Маркстын кебин өзгөртүп, экономикалык абал саясий аң-сезимди калыптайт десек болот. Алар өзүнө тиешелүү саясатты калыптайт.

Рентага негизделген экономика «Жараткан бизди тандап алган» деген сыяктуу өзгөчө улуттук аң-сезимди калыптайт. Рента жок жерде бардык нерсе экономикалык дарвинизм мыйзамдары боюнча иштеп баштайт. Ал боюнча ишкерликке эркиндик берилет, жеке менчик корголот, сот системасы туура иштейт жана бардык эрежелер бардыгына бирдей колдонулат. Учурда мунун баарын батыштык үлгүдөгү саясий-экономикалык система дешет. Ошондуктан, эгер энергияга байланыштуу рента жоюлуп кетсе, рентанын эсебинен жашап келген топтор менен мамлекеттердин саясий талаптары да өзгөрөт.

Албетте дароо баары өзгөрүп кетет деп күтпөш керек. Өзгөрүүнүн алгачкы алааматтары менен чыныгы өзгөрүүлөрдүн арасында бир топ убакыт өтүшү мүмкүн. Мисалы, Советтер Союзунун борборлоштурулган экономикасы 1960-жылдары пайда бербей баштаган. Андан кийин жыйырма жылдай сенектик доору жашалган. Андан кийин гана экономикалык карым-катнаштын «кайра куруу» деп аталган жаңы доору башталган. Ошондуктан мунай, газ жана көмүргө негизделген экономикаларда да дароо өзгөрүүлөр башталбайт. Күн жана шамаал сыяктуу чектелбеген жана өтө арзан энергетикалык булактарга негизделген экономика адамзат жакшы жакка өзгөрмөйүнчө позитивдүү таасир бере албайт.

ВИТАЛИЙ КАЗАКОВ
Slon Magazine

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ 40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



# Касиеттүү көлдүн куту качпаса экен

Тоң районунан орун алган Туз көлдүн дарылык касиети бир эле Кыргызстандан эмес Орто Азиядан, атүгүл, Европа өлкөлөрүнөн келген туристтердин көңүлүн өзүнө бурду. Эмчи көлгө каттаган адамдардын агымы жылдан жылга өсүүдө. Деги ушул касиеттүү алакандай көлдүн суусу кайсы дартка даба? Анын тарыхы барбы? Азыркы абалы кандай? Мына ушул суроолорго жооп издеп айтылуу Туз көлгө сапар алдык...

## Таксисттер адамды алыстан билет

Алгач Балыкчы шаарына жетип, Балыкчыдан ары 73 чакырым жүрүп отуруп, Кызыл туу деген айылга кирип бардык. Биз жөнөгөн Туздуу көл дал ушул айылдан орун алыптыр. Болгону айылдан ары дагы тоо-ташты аралап 13–14 чакырым жол жүрүшкө туура келет.

Бирде таш, бирде кум, бирде топурак учураган жол бизди бир топ эле азапка салды. Көрсө, жолу татаалдын, жол акысы да татаал болот окшобойбу. Кызыгы, Бишкектен Кызыл-Тууга чейин (235 чакырым) ар бирибиз 300 сомдон төлөп келсек, Кызыл Туудан Туз Көлгө чейинки эки кадам жерге киши башына 350 дөн төлөдүк.

Жергиликтүү таксисттер адамды алыстан таанығандай эле, "местныйбы", сырттан келгенби, же чет элдик экенин опоңой айырмалап коюшат. Анан ошого жараша мамиле кылышып, өзгөчө чет элдиктердин калтасын жакшы эле каңтарышат. Биз да ошол кылтакка илингенибизди кийин байкадык. "Оой, бул жакка меникиндей болгон нива эле барбаса, жанагы японский машиналары жолго чыдабайт. Шаардан келгендер да унаасын тиги трассага токтотуп коюп, өздөрү такси менен кетип атпайбы" деген таксист жолунун таштагын шылтоолоп, биздин чоочун экенибизди биле коюп, бааны оюндагыдай айтыптыр, көрсө.

## Туздуу көлдө 80 боз үй тигилген

Аңгыча ашыгып бараткан Туз көлдүн өзүнө да жетип бардык. Тегерегин тоолор курчаган алакандай чакан көл экен. Бир аз бассаң кадимки Ысык көл көрүнөт. Айланасында тизилип боз үйлөр тигилген. 80 ге жакын боз үй, 3–4 чакан котедж күнүнө 100 гө чукул кардарды кабыл алат. Алыстан кудум кыргыз айылы сымал көрүнөт. Бирок мында такай жашаган эл жок. Болгону "сезондо" келип, иш кылып акча таап калайын дегендер. Кызыл Туулук Гүлмира эже алардын бири. Анын жетегинде 5 боз үй бар. "Мурда үркөрдөй болгон бир ууч эле боз үй турчу, акыркы жылдары келген туристтер көбөйгөндө боз үйлөр да көбөйдү", – деген эже өзгөчө Орусиядан жана Казакстандан келген туристтер басымдуулук кыларын кошумчалап, боз үйдөгү жашоонун аркы-теркисин айтып берди. "Мурда 2 боз үй менен эле чыкчубуз. Кийин эл көбөйгөндө бешти алдым. Боз үйлөрдү болсо Айыл өкмөттөн ижарага алып, айына 2000 сомдон төлөп турабыз. Күнүнө киши башына 200 сомдон алынат. Боз үйлөр 4–5 орундуу болгондуктан, көбүнесе, адамдар үй-бүлөсү менен келишет. Тамактардын баасы ар кандай. Андан тышкары, кардарлар өздөрү оокат ашын көтөрө келип, тамагын жасап алса да болот. Аларга очок беребиз."

## Күнүнө 700 гө жакын адам келет

Жергиликтүү калктын айтымында мындан бир канча жыл илгери 40 гектар жер жеке менчикке ижарага берилген. Аны менен туздуу көл да кошо кеткен. Кийин туристтердин агымын байкаган кожоюн көлдүн кире беришине тосмо орнотуп, кирген кардарлардан акча ала баштаган. Ошентип унаага 150, ал эми киши башына 100 сомдон төлөнүп калган. Тосмодон күнүнө орто эсеп менен 100 гө чукул унаа өтүп, көлгө 500–700 адам каттап турат.

## Акча көп, шарт жок

Бирок кардарлардан кызылдай акча түшкөнү менен, түзүлгөн шарттар жеткиликтүү эмес. Алсак, ажаткананын жана таштанды таштоочу жайдын жетишсиздигинен улам көлдүн айланасы таштандыга толуп, акырындап ажатканага айланып бараткан. Ал эми тегерете өскөн тикендер болсо кийимиңди тытып, таманыңды тешет.

## Азар Дагестандан келген

Айрымдар кылынган мындай суук мамиледен улам "Касиеттүү көл касиетин жоготуп коёбу" деп коркушат. Анткени канчалаган адамдар канча жылдык өнөкөт ооруларынан дал ушул көлгө келип арылып кетишүүдө. Айтсак көлдүн суусу ар кандай тери ооруларынан анын ичинде, ала, чакалай, экзема, псориаз дагы башка аллергиялык оорулардан арылтат. Ал эми түпкүрүнөн чыккан баткагы адамдын таяныч-кыймылдоочу аппаратын жакшыртып, аялдардын гинекологиялык ооруларын айыктырып, атүгүл, беттеги бырыштарды кетирип, жашартуу үчүн дагы колдонулат. Андан тышкары, диатез, пелёночный дерматит ооруларынын алдын алуу максатында жаңы төрөлгөн ымыркайларды туз көлдүн суусун алып барып жуундурушат. Дагестандан келген келген Азар туздуу көлгө келүүнү кадимки адатка айланткан. Анткени ал псориаз дене оорусу менен жабыркап келет. Ал көлдүн дарылык касиетин мындайча баяндайт. "2013-жылдан баштап келип турам. Кыргызстанды өзгөчө Бишкекти жакшы








көрөм. Бир эле дарыланып гана эмес, Бишкектеги дагы башка жумуштарды да бүтүрө кетем. Бүгүн туздуу сууга чөмүлүп жатканыма 3 күн болду. Суудан чыкканда сөзсүз күнгө кактануу керек. Өзүң көрүп тургандай, денемде тактар эле калбаса кызарып тургандардын баары күбүлүп түштү. Анан акырындап тактар да кетет. Дагы 8–9 күн жүрөм го. Бул жакта чет өлкөдөн келгендерди алдай беришет экен. Сатуучу, таксисттердин "Ой, ушу орустун акчасынын несин аяйлы, буларда акча көп деп айтып жатканын угуп калам. Мени түшүнбөйт деп ойлошот. Бирок мен 3 жылдан бери анча-мынча түшүнүп калдым", – дейт.

## Илгери көлдө мал дарыланган

Буга чейин Туз көлдүн дарылыгын айылдыктар эле билбесе, көпчүлүк элдин мындан кабары аз болгон. Кийин Германиядан келген турист көлгө түшүп көрүп денесиндеги жаранын айыгып баратканын байкаган. Көп жылдар бою арыла албай жүргөн дартынан арылган немис интернетке, маалымат каражаттарына жарыялап, көлдүн атагын чыгарган дешет. Болбосо ошол аймакта байырлаган чабан, малчылар көлдү азыркы колдонулуп жүргөн кралиндин ордуна пайдаланышкан. Көлгө түшүрүлгөн мал котур, чакалай ж.б жугуштуу ылаңдардан оолак болгон. Малды жайлоого чыгарда бир жана кыштакка түшкөндө бир, жылына эки жолу туз сууга айдап турган.

## Көлдүн касиети качып бараткандай

Бурулай апанын балалык чагы ушул кыштакта өткөн. Мындан 50 жыл илгери секелек кыз торпокторун кубалап, ушул кыштакты чаңытып, топурагын таптаган. Ал кезде демейде мал ылаңын дарылачу көл курчалып, алыстан адамдар келип, киргенине акча төлөгөнү апанын түшүнө эмес, оюна да келген эмес. Бурулай апа балалык чагын минтип эскерет. "Кызым, биз бала кезде шорлуу суу деген көлмө бар эле. Ак-Теректин чаты менен көлгө жетип, чыгышты карай жээктесең кумдуу чаптардын арасында болчу. Туздуулугун суунун коюулугунан билесиң. Тээ илгери байлар, малдуулар, жайлоого чыгарда бодосун, кой-эчкисин алдын-ала дарылашчу. Дарылагандарга кошулуп, мен да барам. Туз сураган мал аппак, шор таштардан тузун кандырышат. Малды Туз көлдүн аркы жээгине бир, берки жээгине бир сүздүрөбүз. Муну түшүнгөндөй мал дагы качпайт. Мага жакканы атка окшогон майда курттар. Ай толгон маалда, түнкүсүн куштар конот. Жайкы эс алуучулардын көп келгенинен уламбы, суудагы майда жандыктары жок болуп кетти. Мүмкүн суу ошол курттар менен дарыдыр. Мекендеген канаттуулар да үркүү, себебин түшүнбөйбүз,–дешет кызылтуулуктар. Дегеле биз барктай албаган суубузду чет мамлекеттерден издеп келип жаткандыгы кубанычтуу", – дейт апа.

## Көл тууралуу кызыктар

Аталган көлгө суу куюлбаганы жана чыкпаганы, бирок антсе да канча кылымдан бери тузу жоголбой, суунун деңгээли болсо көбөйбөй да, кемибей турганы адамды миң ойлонтуп, миң толгонтот. Түнү-күнү дебей, түпкүрүнөн чыгып турган жылуулук температураны дайым бирдей кармап турат. Дагы бир кызыгы суунун туздуулугу 65–70 пайызды түзгөндүктөнбү, айтор, адам же башка жан жаныбарлардын чөгүп кетүүсү мүмкүн эмес. Мунусу элдерди кызыктырчу дагы бир өзгөчөлүгү болуп саналат.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Балыкчыда эң чоң туу желбиреп турат



Балыкчы шаарынын кире беришине бийиктиги 35, узуну 9, туурасы 6 метр болгон чоң желек илинди. Шаардын кире беришиндеги айлампада орнотулган желектин төрт тарабында тарыхый мемориалдар чагылдырылган. Батыш жагында Айкөл Манастын, түндүк тарабында Бакайдын, түштүк тарабында Кошойдун жана чыгышында улуу манасчы Саякбай Каралаевдин элестери түшүрүлгөн. Балыкчы шаарынын кире беришине чоң желекти орнотуу “KG-групп” курулуш компаниянын демилгеси менен ишке ашкан.

## “Туунун орнолушу элибизге дем берди”

Бул желектин орнотулганына шаардын жашоочулары абдан сүйүнүштү. Анткени туунун орношу менен Балыкчыга көп туристтер келет деген үмүтү бар экенин шаар тургуну Гүлмира Молдосанова жашырган жок: “Шаарыбызга туунун орнотулуусу элибизге кадимкидей дем берди. Мындан сырткары, шаардын даңкы да көтөрүлөт экен. Башка региондордон мурда биздин шаарга желек илинип жатканына кубанычтабыз. Ысык-Көлгө Кыргызстандан гана эмес, дүйнө жүзүнөн элдер келип эс алууда. Эс алууга келип жаткан адамдар бул тууну көргөндө кадимкидей патриоттук сезими ойгонот экен.

## “Желек орнотуларын укканда абдан сүйүндүк”

Ал эми аталган шаардын мэри Алмаз Мамбетов желекти орнотууга мамлекеттин бир дагы тыйыны кетпегенин айтты. “Кыргызстанда желектер канчалык көп орнотулган сайын кыргыз элинин патриоттулук сезими ошончолук күчөйт. Бул тууну “KG-групп” курулуш компаниясынын директору Имамидин Ташов көтөрдү. Балыкчыга орнотулган туу өлкөбүздөгү туулардын ичинен эң бийиги десем болот. Эң жакшысы – желек Балыкчы шаарына кирип баратканда желбиреп турат. Орнотулган желекти ар бир адам көргөндө сыймыктанып, патриоттук сезими ойгонуп, жаштарга туура тарбия бергенге өзүнүн салымын кошот деп ойлойм. Желек орнотуларын укканда абдан сүйүндүк. Анткени туу – мамлекеттик белги эмеспи. Кыргызстанда желек канчалык көп болгон сайын жарандардын патриоттуулук сезими улам-улам өсөт деп ишенем”, – деп мэр толкунданганын жашырган жок.

## “Жакшы ишти саясат кылбасак, өз ордун табат”

Балыкчы шаарына мамлекеттик тууну орноткон “KG-групп” курулуш компаниясынын мүдүрү Имамидин Ташов кереметтүү Ысык-Көлгө сырттан миллиондогон туристер келерин айтып, аталган шаардын астында кыргыздын желеги 35 метр бийиктикте желбиреп турса, сырттан келген туристтердин мамлекетке болгон сый-урматы өсөт деп төмөнкүлөргө токтолду: “Биздин курулуш компаниянын тарыхындагы эң жакшы учур деп айтсам жаңылышпайм. Себеби кыргыздын туусун көтөрүүгө белсенип, жакшы ой-максаттарыбызга жетүүгө бул күнү насип болду. Ушул тарыхый учур бизге дем берди десем болот. Кээ бирөөлөр өздөрүн пиар кылышат. Ал эми биздин компания өлкө менен бирге кыргыз желегин желбиретип жакшы иштерди жасоого даяр. Акыркы убакта дүйнө башка нукка бурулгандай. Анткени адам баласы жаман жагын көрсөткөнгө умтула баштады. Тарыхта жакшы издерди калтыруу максатында жасаган ишибизди саясатка аралыштырууга көп аракеттер болду. Бирок бизде эч кандай саясат жок. Болгону патриоттуулук сезим жана атуулдук парз. Атуулдуктан башка максатыбыз жок. Бул иш-чара ишкерлерге, кыргызмын деген атуулдарга бир аз да болсо дем күч берет деген үмүтүм бар. Тууну орнотуп жатканыбыздын бирден-бир себеби биринчиден, улуу Үркүндүн 100 жылдыгы, Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүк алганынын 25 жылдыгына утурлайт десек да болот. Мындай жакшылык көп нерсеге төп келди деп ойлойм. Жакшы ишти саясат кылбасак, өз ордун табат. Тууну Балыкчы шаарына гана койбостон, жети дубанга коюу максатыбыз бар. Бизди карап турган муундардын кандайдыр бир сезими ойгонуш керек. Ысык-Көлгө сырттан миллиондогон туристтер келет. Кереметүү Ысык-Көлдүн астында кыргыздын желеги 35 метр бийиктикте желбиреп турса, сырттан келген туристтер мамлекетти сыйлайт. Мамлекетке болгон сый-урматы өсөт. Ичтен келген кыргыздар дем-күч алат деген ойдобуз”, – деди.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ











